**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР**

**АКАДЕМИЯСЫНЫН А.А. АЛТЫМЫШБАЕВ атындагы**

**ФИЛОСОФИЯ ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨР УКУГУ**

**ИНСТИТУТУ**

**Б.Н.ЕЛЬЦИН атындагы КЫРГЫЗ-РОССИЯ СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 12.18.570 Диссертациялык кеңеши**

*Кол жазма укугунда*
**УДК 342.1.(575.2) (04)**

**Исраилова Саадат Шамильевнанын**

# Кыргыз Республикасынын жана Казакстан Республикасынын саясий партияларынын ишмердүүлүгүнүн теориялык аспектилери

12.00.01 –мамлекет менен укуктун теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндөгү окуулардын тарыхы

юридикалык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүнжазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2019**

Диссертациялык иш Бишкек шаарындагы Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин юридикалык факультетинин мамлекет менен укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасындааткарылган

**Илимий жетекчи**: Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин укук менен мамлекетинин теориясы жана тарыхы кафедрасынын профессору, юридикалык илимдеринин доктору
**Чикеева Зура Чимырбаевна**

**Расмий оппоненттер**: Ош мамлекеттик университетинин юридика факультетинин профессору, юридика илимдеринин доктору
**Кулдышева Гулсара Кенжеевна**

Америка Борбордук Азия университетинин "Эл аралык бизнес жана укук " бөлүмүнүндө клиника директору, юридикалык илимдеринин кандидаты
**Жылкычиева Кундуз Сапарбековна**

**Жетектөөчү уюм**: Кыргыз Республикасынын ИИМдин милициянын генерал-майору Э. А. Алиев атындагы Академиясынын мамлекеттик укуктук сабактар кафедрасы
Дареги: 720083 Бишкек ш., Ч.Валиханов көчөсү, 1а

Диссертациялык иш 13-декабрда 2019-жылы саат 10.00дө юридикалык илимдеринин кандидаты (доктору) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын, А.А. Алтымышбаев атындагы Философия жана социалдык-саясий изилдөөлөр укугу институту менен Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия славян университетинде түзүлгөн Д.12.18.570 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: 720071 Бишкек ш., Чүй проспекти, 265-а, диссертациялыкзал.

Диссертация менен КРнын УИАсынын (720071 Бишкек ш., Чүй проспекти, 265-а) жана Б.Н.Ельцин атындагы КРСУнун (720021, Бишкек ш., Киев көчөсү 44) илимий китепканасынан, ошондой эле, диссертациялык кеңештин расмий сайтынан: http://disserlaw.krsu.edu.kg.таанышууга болот.

Автореферат «10» ноябрь 2019-ж. таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**юридикалык**
**илимдердиндоктору,доцент** **С.К.Насбекова**

## ИЛДӨӨ ИШИНИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөө темасынын актуалдуулугу**. Саясий тутумдун жана ошол эле мезгилде жарандык коомдун негизги институту болуп саясий партиялар эсептелет.Партиялар коомдук пикирди билдирип жана аны түзүп, жана аларды өкүлчүлүктүү органдын жана мамлекеттик органдын ишинде практикалык иш жүзүндө ишке ашыруу аракетин көрүү керек. Ошондой эле, алар түздөн-түз конституциялык-укуктук мыйзам чегинде иш алып барат.

Партиялык тутумунун туруктуулугун бир жагынан – мамлекеттин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү, экинчи жагынан – бүтүндөй саясий тутумдун туруктуулугун көрсөтөт. Саясий партиянын институтунун түзүлүшү жана андан ары өнүктүрүү көйгөйү, Советтер Союзу тарагандан кийин эгемендүү мамлекет макамына ээ болгон Кыргыз Республикасы жана Казакстан Республикасы үчүн өзгөчө маанилүү жана актуалдуу. Бул мурдагы советтик республикалардын диктатордук бир партия тутумунан көп партиялуу тутумга өтүүгө шарт болду. Жаш мамлекеттер кыска тарыхый мезгилде бир партиялуу тутумдан көп партиялуу тутумга, демократияга оор жолду өтүүгө аракеттеништи. Бул тутумдар өзүнүн карама- каршылыктуулугу менен жана туруксуздугу менен айырмаланып, алар эки мамлекетте тең саясий көп пикирдүүлүктү ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнкамсыздашат.

Көйгөйдү изилдөөнүн терс жагы, юридикалык изилдөөнүн жетишсиздиги, эки мамлекеттеги саясий партиялардын ишмердүүлүгүнүн ченемдик укуктук базасын жана теориялык негизин караштырып, көп талкуу жараткан илимий көйгөй, тандалган изилдөө темасынын актуалдуулугун айгинелейт. Бул диссертациялык иште Кыргыз Республикасынын жана Казакстан Республикасынын саясий партияларынын институтунун өнүгүү деңгээлине жана анын учурдагы абалына, мамлекеттеги жана саясий тутумдагы партиялардын ролуна жана алардын ордуна, конституциялык укуктук макамына ар тараптуу баа берүү аракети болду.

**Негизги илимий-изилдөө иштери жана ири илимий программалар(долбоорлор) менен диссертация темасынын байланышы.**

Берилген диссертациялык изилдөө түздөн-түз мамлекеттик программалар менен байланышкан, булар 2018–2040-жылдары Кыргыз Республикасынөнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы жөнүндөгү 2018-жылдын 31-октябрынан ПЖ № 221 Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы *[2018–2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы жөнүндөгү 2018-жылдын 31-октябрынан ПЖ № 221 Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы.Электрондук ресурс] www.president.kg/sys/media/download/52135]*, мында Кыргыз Республикасынын көп жылдык стратегиялык өнүгүү багытын, коомубуздагы баардык турмуш сферасындагы өнүктүрүү максатын ишке ашыруу жолдорун жана анын негизги принциптерин аныктоо; Кыргыз Республикасынын Президентинин 2007-жылдын 23-ноябрындагы № 506 жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздугунун Концепциясы *[Кыргыз Республикасынын Президентинин 2007-жылдын23-ноябрындагы № 506 жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздугунун Концепциясы] электрондук ресурс http:cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/4683.*

“Казакстан-2050”стратегиясы:түптөлгөнмамлекеттинжаңысаясийбагыты”(Астана, 14-декабрь 2012-ж.) мында казакстан демократиясын өнүктүрүү жана мамлекетти бекемдөөнүн жолдору бекитилген. *[Казакстан Республикасынын Президентинин Жарлыгы 2012-жылдын 18-декабрында №449 бекитилген “Казакстан-2050” стратегиясынын жалпы улуттук иш-чаралар планын ишке ашыруу боюнча казакстан элине мамлекет башчынын кайрылуусу. 14-декабрь 2012-ж.] [Электрондук ресурс]. http://www.akorda.kz/ru/official_documents/strategies_and_programs*. Улуттук план – Мамлекеттин башчысы Нурсултан Назарбаевдин беш институционалдык реформаларын ишке ашырууга 100 конкреттүү кадамы (2015-ж., май) *[Электрондук ресурс]. https://online.zakon.kz/Document/*

**Берилген изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Изилдөөнүн максаты болуп, саясий партиялардын укуктук институциялизациялоонун мүнөздүү багытын жана теориялык көйгөйлөрдү кайра карап жана аны анализдөө; Кыргыз Республикасы жана Казакстан Республикасынын саясий партиялардын ишмердүүлүгүнүн саясий-укуктук негизинде анализдөө; эки мамлекеттин саясий партиясынын өзгөчө жана жалпы укуктук макамын ачып көрсөтүү, алардын мамлекеттеги жана саясий тутумдагы партиянын ролун электоралдык процесстерге катышуусу аркылуу аныктоо. Изилдөө ишинин максаты кийинки маселелерди кароо менен аныкталды:

1. жарандык коомдун жана саясий тутумдун маанилүү компоненти жана коомдук институт катары саясий партиялардын өнүгүүсү менен байланышкан теориялык көйгөйлөрдүизилдөө;
2. Кыргыз Республикасынын жана Казакстан Республикасынын партиялык тутуму жана саясий партиялардын институциялизациялоосун жана анын тарыхый-укуктук тажрыйбасынын өнүгүүсүн жалпылоо жанаанализдөө;
3. эки мамлекеттин демократизациялоодогу өткөөл коомундагы алардын ролу жана саясий партиялардын институтун анализдөө үчүн мамилелерди жана методологиялык негиздерди изилдөө;
4. саясий партиялардын ишмердүүлүгүн жөнгө салуу жана партияны түзүү менен байланышкан Кыргыз Республикасынын жана Казакстан Республикасынын мыйзамдарын анализдепчыгуу;
5. Кыргыз Республикасы жана Казакстан Республикасындагы электоралдык институтунун ишинин саясий-укуктук негизин жана анын өзгөчөлүктөрүнизилдөө;
6. Кыргыз Республикасы жана Казакстан Республикасындагы саясий процесстеринде партиянын ролунун өзгөрүшүн салыштыруу жанажалпылоо;
7. партиянын ишмердүүлүгүнүн бирден бир негизги жыйынтыгы катары, шайлоо процессинин жыйынтыгынын анализи аркылуу, эки мамлекеттин парлементиндеги партиялык өкүлчүлүктүн түзүлүшүнмүнөздөө;
8. Кыргыз Республикасынын жана Казакстан Республикасынын партиялык тутумун андан ары өнүктүрүү жана саясий партиялардын ишмердүүлүгүн жөнгө салууга, укуктук базаны жакшыртуу боюнча конкреттүү сунуштарды иштепчыгуу.

**Изилдөө объектиси:** саясий партиялардын ишмердүүлүгүн түзүү жана укуктук жөнгө салуудагы болгон коомдогу мамилелери, алардын электоралдык процесстерге катышуусу.

**Изилдөө предмети:** Кыргыз Республикасынын жана Казакстан Республикасынын саясий партиясынын өнүгүшүнө конкреттүү суроолорун, жана дагы эки мамлекеттин партиялык тутумунун жана саясий партия түшүнүгүнүн теориялык жактан иштеп чыгуусунун абалы.

**Илимий иштин жаңылыгы** бул диссертациялык изилдөө бул мезгилдин юридикалык илими жаатындагы биринчи комплекстүү изилдөө болуп, Кыргыз Республикасынын жана Казакстан Республикасынын саясий партиялык ишмердүүлүгүнүн теориялык-укуктук көйгөйлөрүнө арналат; Кыргыз Республикасындагы жана Казакстан Республикасындагы саясий партиялардын укуктук институционализациясындагы актуалдуу суроолордун теориялык жактан иштелиши жана коюлушу. Бул диссертациялык иште Кыргыз Республикасынын жана Казакстан Республикасынын саясий партияларынын институтунун өнүгүү деңгээлине жана анын учурдагы абалына, мамлекеттеги жана саясий тутумдагыпартиялардынролунажанаалардынордуна,конституциялыкукуктукстатусуна ар тараптуу баа берүү аракетиболду.

Изилдөөнүн алкагында практикалык маанилүүлүгү жана илимий жаңылыгы бар ыкмалар, илимий жоболор негизделип чыгарылды. Булар Кыргыз Республикасындагы жана Казакстан Республикасындагы шайлоо процессине жана саясий партияларга таандык атайын мыйзамдарды жакшыртууга багытталды.

Изилдөөнүн алкагында саясий партиялык ишмердүүлүгүнүн укуктук аспектерин жана теориялык негиздерин методологиялык жактан толуктоо үчүн саясий партия

жөнүндө автордук түшүндүрүүлөр берилген, Кыргыз Республикасынын жана Казакстан Республикасынын саясий партиялар жөнүндө мыйзамдарын жакшыртуу жана өзгөртүү аракетикөрүлдү.

**Изилдөө ишинин практикалык маанилүүлүгү.** Изилдөөдөгү материалдар Кыргыз Республикасынын жана Казакстан Республикасынын партияларынын түзүлүшүндө жана политологияда, шайлоо процессинин катышуучуларына жана ошондой эле жалпы укук жаатындагы адистерге, саясий партиялардын лидерлери үчүн кызыгуу жаратып, практикалык сунуштар менен теориялык жыйынтыктарды берет. Изилдөөнүн жыйынтыгы эки мамлекеттин конституциялык мыйзамдарын жана шайлоо мыйзамдарын практикалык ишмердүүлүгүндө андан ары жакшыртып колдонууга болот.

Диссертациялык изилдөөнүн материалдары кийинки илимий изилдөөлөргө, укук боюнча атайын курстарды жана окуу китептеринин бир бөлүмүн даярдоого, партиялык түзүлүшкө, Кыргыз Республикасындагы жана Казакстан Республикасындагы саясий партиялар жөнүндө мыйзамдарды даярдоодо чоң жардам болот деп ишенебиз.

***Жактоого белгилеген негизги жоболор:***

1. Изилдөөнүн негизинде саясий-укуктук концепциянын анализинде саясий партиянын макамына карата саясий партия түшүнүгүнүн автордук жеке түшүндүрүүлөр берилет. “Саясий партия бул – бир нече адамдардын өз эрки менен биригип, алар бир идеяны көздөп, коюлган максаттарды жана маселелерди чечүү үчүн, жергиликтүү калктын калоосун жана саясий кызыкчылыгын мамлекеттик органдарында жактоого өкүлдөрдү шайлоо жолу менен өз максаттарын ишке ашырат”.
2. Кыргыз Республикасынын жана Казакстан Республикасынын саясий партиялары батыштын классикалык схемалары (аристократиялык топтор – клубдар – М. Вебер боюнча саясий партиялар; пикирлеш адамдар тобу – локалдык клубдар – А. де Токвил боюнча саясий партиялар) үлгүсүндө эмес, алар мындай схема менен түзүлөт: талкуу клубдары – элдик кыймыл – саясий партия.
3. Кыргыз Республикасында жана Казакстан Республикасында саясий партияларынын түзүлүшү өтө оор өткөөл мезгилге туш болду. Изилденип жаткан мамлекеттерде негизги партиялардын типтери төмөнкүдөй: Казакстан Республикасында бириккен ири республикалык (40 миң адамдан ашык) партия, ал эми Кыргыз Республикасында саясий лидердин тегерегинде түзүлгөн аз сандагы жана алсыз партиялык уюмдар.
4. Кыргыз Республикасында жана Казакстан Республикасында саясий партиянын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу конституциялык-укуктук базасын өркүндөтүү, эки мамлекеттин коомдук саясий өзгөчөлүктөрүнүн жана жалпы демократиялык принциптеринин(саясий көп пикирдүүлүк, шайлоочулардын калоосун билдирген аркандай уюм топтору) негизги максатында концептуалдуу өзгөрүүлөргө дуушарболду.
5. Казакстан Республикасында саясий партия институту 2002-жылы “Саясий партиялар жөнүндөгү мыйзам” кабыл алынгандан кийин көп деңгээлдүү регламенттик системага жана катуу талап коюларга (мүчөлөр базасынын жогорку деңгээли, көп сандаган регионалдык аныктамалар ж. б) дуушар болуп, алардын ишин кыйлакыйындатты.
6. Азыркы мезгилде Казакстан Республикасында бир жарым партия тутуму же үстөмдүк кылган партия тутуму орун алды. Кыргыз Республикасында атомдошкон (өтө майдаланган) партия тутуму (160дан ашык саясий партия) иш алыпбарат.
7. Пропорционалдуу шайлоо тутуму Кыргыз Республикасында жана Казакстан Республикасында колдонулат, бул мыйзам чыгаруу органдарын жана мамлекеттик түзүлүштүн кландык башкаруу принциптерин жоюуга түрткүберет.
8. Казакстан Республикасында шайлоодо жети пайыздуу тосмо тоскоолу шайлоо тутумундагы пропорционалдуу киришүүнүн оң натыйжасынын деңгээлин азайтып, эффективдүү эмес партиялык тизме боюнча шайлоого алып келет. Ошондуктан Казакстан Республикасынын парламентинде шайлоочулардын көпчүлүк бөлүгүнүн кызыкчылыгы көмүскөдөкалат.
9. Казакстан Республикасындагы укуктук нормада саясий партиядагы минималдуу

партия мүчөлөрүнүн саны 40миң адамданашпоокерекдепкаралган,булболсоадамдардын саясий партияга мүчө болуу укугун чектөө болуп эсептелет. Партиянын мүчөлүк санына чектеген талаптар саясий жаңы күчтөрдү легалдаштырууга жана казак коомун модернизациялоого тоскоолдук жаратат. Мындан улам Казакстан Республикасындагы саясий партиялардын мүчөлөрүнүн санын азайтуу туура болорун айтат (20 миң адамга чейин).

10. Кыргыз Республикасынын Советтер Союзунан кийинки трансформациясы моноцентрдик саясий режимге (президенттик республикага) алып келди, бирок ал демократиялык саясий институттарга таянбай, коомдогу формалдуу эмес салттуу институттаргатаянды(кланжанауруу).Булрежимдиннегизгимүнөздөмөсүболуп,саясий партиялардын алсыздыгы болуп жатат, демократиянын кээ бир элементтеринин өнүгүү фонунда күчтүү оппозициянын жоктугу, партиянын негизги коомдогу маанисин толугу менен береалбагандыгы.

11. Кыргыз Республикасынын "Саясий партиялар жөнүндө" мыйзамындагы саясий партияны түзүүдөгү жана каттоодогу коюлган талаптарга (саясий партиянын мүчөлүгүнө катто (эки миң адамга чейин) бөлүгүнө) өзгөртүү киргизүү керек.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертант саясий партиялардын ишмердүүлүгүнүн теориялык аспектеринине, анын ичинде Кыргыз Республикасындагы жана Казакстан Республикасындагы саясий партиялардын классификациясына (типологиясына) байланыштуу суроолордун анализин жүргүздү.

Азыркы мезгилдеги саясий-укуктук тарыхында эгемендүү Кыргыз Республикасындагы жана Казакстан Республикасындагы саясий партиялардын Парламенттик шайлоого катышуусу менен эволюциясынын жана алардын өзгөчөлүгүн, саясий партиянын өнүгүүсү жана түзүлүшүндөгү суроолорду комплекстүү изилдөө аракети жасалды.

Диссертант Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде жана Казакстан Республикасынын Парламентинде өткөрүлгө шайлоолордун тарыхын анализдеп, эки мамлекеттин саясий-укуктук трансформациялык процесстери талапка ылайык ар кандай шайлоо тутумдарынын негизинде анализ жүргүздү.

Кыргыз Республикасынын жана Казакстан Республикасынын конституциялык нормалары, мамлекеттик шайлоо процесстерге катышуу укугу, саясий партиялардын укуктук статусун бекемдөө талданып, ошондой эле Кыргызстандагы саясий партиялардын контекстинде парламенттик президенттик республиканы түзүү, өкмөттү жана Жогорку Кеңешти түзүдөгү жаңы нормалары каралган.

Кыргыз Республикасынын жана Казакстан Республикасынын саясий партияларынын ишмердүүлүгү жана шайлоого катышуу, катто, түзүлүү процедураларын жөнгө салуу, азыркы мезгилдеги мыйзамдардын анализинде жүргүзүлгөн.

**Диссертациянын жыйынтыктарын апробациялоо.** Диссертациянын негизги жоболору жана жыйынтыктоолору КРСУ жана КМУнун "Укук жана мамлекеттин тарыхы жана теориясы" кафедрасында талкууланган, ошондой эле илимий макалалар жазылып, жана алар илимий-практикалык конференцияларда окулду: "Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүүдөгү актуалдык көйгөйлөр" (Бишкек, 2011), "Кыргыз Республикасынын Конституциясы: азыркы коомдогу мааниси жана ролу жана анын негизги баалуулугу" (Бишкек, 2013) ж. б-лар. Диссертациянын материалдары Нур-Султан шаарындагы Казак-Россия университетинде жана Кыргыз-Россия славян университетинин студенттери үчүн спецкурстар жана лекцияларда колдонулду.

Басылмаларда диссертациянын жыйынтыгы толугу менен чагылдырылган. Изилдөөнүн жыйынтыгы, натыйжасы жана негизги жоболору (жалпы көлөмү 6,5 басма табак) чет өлкөлүк жана ата мекендик илимий журналдарда, он илимий макалада басылып чыкты.

Диссертациялык изилдөөнүн түзүмү жана көлөмү. Диссертация киришүүдөн, үч бөлүктөн турган негизги бөлүмдөн, он кичи бөлүктөн, жыйынтыктан, сунуштоодон жана

колдулган булактардын тизмесинен турат.

## ИЗИЛДӨӨ ИШИНИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Изилдөө ишинин **киришүүсүндө** тандалган теманын актуалдуулугун негиздөө, изилөөнүн максаты менен милдеттерин аныктоо, изилдөөнүн предметин жана объектин калыптоо,көйгөйдүн канчалык дэңгээлде экенин көрсөтүү, илимий жаңылык жасоо, иштин негизги практикалык, методологиялык жана теориялык жагын ачуу, илимий ишти жактоодо теориялык жана практикалык баалулугун баса көрсөтүү менен негизги жоболорду ачып көрсөтүү, ошондой эле диссертациялык иштин апробация жыйынтыгын көрсөтүүболду.

**Илимий методологиясы** берилген илимий иши диалектикалык-материалисттик, системдик, түзүлүш-функционалдык ыкмалар, анализ жана синтез, божомолдоо, укуктук-салыштыруу, формалдуу жана логикалык илимий ыкмалар менен негизделди.

**Биринчи бөлүм "Саясий партиялардын ишмердүүлүгүнүн теориялык-методологиялык негиздери"** бул бөлүм үч бөлүктөн турат, укуктук жана мамлекеттик теориясынын саясий партияларга укуктук жаратылышына болгон көз карашын ырааттуу түрдө ачып көрсөтүп, ошондой эле саясий партиянын маанисин түшүнүү ыкмаларынын мезгилге жараша эволюцияланышы жана алардын белгилери жана функциялары.

Россиянын көрүнүктүү юрист-окумуштуулары булар Ю. А. Юдин, А. С. Автономов, В. Б. Евдокимов, З. М. Зотова, В. Е. Чиркин, А. Н. Головистикова, Ю. А. Дмитриев, В. В. Лапаеважанабашкаларсаясийпартиялардынукуктукстатусунажананегизгибелгилерине, аныктоонун дефинициясына өтө чоң көңүл бурупкелишет.

Бул изилденип жаткан маселеге юридикалык илиминде чоң салымын кыргыз юрист-окумуштуулары Ч.И. Арабаев, Э.Д. Бейшембиев, Б.И. Борубашов, Б.Т. Токтобаев, Г.А. Бидильдаева, Т.Р. Ибраимов жана башкалар, казак юрист-окумуштуулар А. Нысанбаев, М. Машан, Г.С. Сапаргалиев, Е.Т. Сейлеханов, Ж.Т. Нурдиновалар болушту.

Биринчи бөлүгүндө *"Саясий партиянын: түшүнүгү, белгилери жана функциялары"* саясий партия тууралуу түшүнүктүн негизги ыкмаларынын өнүгүүсү жана жаралышы тууралуу теориялык маселелер каралат.

Изилдөө объектисинин көп аспекттүүлүгү саясий партиянын укук жана теориясында болгон көптөгөн көйгөйлөрдү белгилеп жана аны анализдөөгө мажбурлады, аларды андан дагы тереңирээк изилдөө максатына түрткү берди.

Биринчиден бул, саясий партиянын белгилери жана түшүнүгү. Азыркы мезгилде "саясий партия" түшүнүгүнүн саясий жана укуктук илиминде көптөгөн аныктоо ыкмалары бар: функционалдык (К. Лоусон, У. Кротти), электоралдык (Д. Сартори), түзүмдүк (М. Дюверже, М. Острогорский), түзүмдүк-функционалдык (К. Нойман, Дж. Ла Поламбара, Ж.– Л. Кермонн), идеологиялык (К. фон Бейме) ж. б. Андан тышкары саясий партиянын укуктук жана илимий түшүнүктөрүн белгилөөгө болот, алар принципиалдуу карама каршылыктуу: мисалы илимий түшүнүгү – эвристикалык болсо, ал эми укуктук – укук белгилөөчү маанигеээ.

Азыркы мезгилдеги мыйзамдарда саясий партиянын көптөгөн аныктамасы бар, аларды мамлекетте жана коомдогу саясий партиянын мыйзам чегинде кандай түшүндүрүү ыңгайлуулугуна карап, мамлекеттерди эки негизги топко бөлсө болот. Кээ бир мамлекеттерде саясий партиянын мыйзамдык аныктамасы XIX-кылымдын салтту саясий-укуктук доктринасын чагылдырып, аларды шайлоо процессинин негизги субъекти катары каралат,булалардынчыныгыролунадалкелет.Саясий партиялар көпчүлүк учурда шайлоо өткөрүүчү уюм катары эсептелип келген, бирок шайлоолор өткөндөн кийин алар андай активдүүлүктү көрсөтпөгөн ("шайлоо машинасы").

Экинчи топтогу мамлекеттерде партиянын жалпы кеңири жайылган түшүндүрүүсү туура деп эсептелет. Бул түшүнүк азыркы көз караште саясий партиялардын саясий тутум институтунун туруктуу катышуучусу катары чагылдырылат, бирок мунун ролу шайлоого

катышуу менен гана чектелбейт. Саясий партиялар жөнүндө жаңы мыйзам үчүн ушундай гана ыкма мүнөздүү. Мунун ролу шайлоо процессинде эле эмес Конституциялык деңгээлде маанилүүлүгү белгиленип (элдин калоосун билдирүүдө жана түзүүдө жардам көрсөтүү), бүтүндөй саясий процессте да ролу чоң. *[Ю.А. Юдин Политические партии и право в современном государстве [Текст] / Ю.А. Юдин – М.:Форум-Иинфа,1998 –с.50-51]*.

Бул диссертациялык изилдөөдө катышкан эки мамлекет да ушул топко кирет.

Автор универсалдуу болууга ашыкпай, өзүнүн дефинициясын сунуштайт. Саясий партиябул – бир нече адамдардын өз эрки менен биригип, алар бир идеяны көздөп, коюлган максаттарды жана маселелерди чечүү үчүн, жергиликтүү калкын калоосун жана саясий кызыкчылыгын мамлекеттик органдарында жактоого өкүлдөрдү шайлоо жолу менен өз максаттарын ишке ашырат.

Экинчиден, *бул саясий партиялардын негизги белгилерин (критерийлерин) белгилөө.*

Берилген маселеге илимий басылмаларда көптөгөн көз караштар бар, илимий иште алардын баарын жалпылоодо саясий партиянын төмөнкүдөй негизги белгилерин аныктоо мүмкүн болду: 1) партия – бул коомдук уюм, муну менен катар башка коомдук уюм менен (профсоюздар, жаштар уюму, улуттук-маданият уюму жана башкалар), жарандардын демилгеси менен, өз эрки менен уюшулган, өз алдынча башкаруучу түзүм, коомдук кызыкчылыгынын негизинде жалпы уставдык максатты ишке ашырууга багытталган уюм; 2) партия – бул партиялык тартиби бар жана ар кандай топтор арасындагы өз ара байланышы бар аныкталган иерархиялык уюм. Партия узак жана аныкталбаган мөөнөткө түзүлөт, андыктан бул башка саясий субъекттерден айырмаланып көп убакыт турат;

3) партия – бул конкреттүү идеологиясы бар саясий субъект, ал анын ишке ашуусуна белгиленген иш аракетти аткарууну талап кылат. Партиянын максаты жана милдеттери программалык документтерде жана шайлоо алдындагы платформаларда жазылып, ал саясий ишмердүүлүктө ишке ашырылат. Программалык-идеологиялык жана ишмердүүлүк компоненттеринин айкалышуусу саясий партияларды башка уюмдардан ажыратып билдирет, булар негизинен конъюнктуралык кызыкчылыгын колдонмо кылып алат;
*4)* партия шайлоого катышуу аркылуу мамлекеттик бийлик органдарында саясий өкүлчүлүк алууга умтулушат. Партиянын саясий таасирдүүлүгүн камсыздап туруу ыкмасы бул жарандарга ачык кайрылуусу *[Основы теории политических партий / Под ред. С. Е. Заславского. [Текст] – М.: Европа, 2007 –с.7-8]*.

Үчүнчүдөн, *саясий партиянын ишмердүүлүгүнүн максаты жана фукциясы.* Мамлекет жана укук теориясында, политологияда саясий партиянын функциясы, алардын максаты жана ишмердүүлүгүнүн багытындагы көйгөй чоң мааниге ээ. Кыргыз Республикасы жана Казакстан Республикасындагы көп партиялык институттун түзүлүү процессин анализдөөдө бул маселе өзгөчө актуалдуу. Азыркы этапта бул көйгөйлүү маселеге илимий жана практикалык кызыгуу чоң, бирок бул тууралуу бирдиктүү пикир жок.

Россиялык изилдөөчүлөр дагы көптөгөн функцияларды белгилешет. Берилген иште автор А.Н.Головистиков ажана Ю.А.Дмитриевге удаа эле мындай функциялардын тобун белгилейт: 1) өкүлчүлүк, интеграция жана идеологиялык функция; 2) саясий багытты тандоо жана аны ишке ашыруу; саясий башкарууга күрөшүү же бекемдөө жана башкаруучу абалын сактап калуу; уюштуруучулук функция. Бул баардык функциялар саясий тутумдагы партиянын ролун мүнөздөйт; 3) партия ичиндеги агымды ирээттөө; партиялык катарды макулдашуу жана биримдикти камсыздөө; партиялык катардын ишмердүүлүгүн башкаруу жана жетектөө ж.б. *[Головистикова А. Н., Дмитриев Ю. А. Проблемы теории государстваиправа.[Текст]/А.Н.Головистикова,Ю.А.Дмитриев– М.:«Эксмо»,2005– с.322-324]*.

Саясий партиялардын ишке ашырып жаткан функцияларынын жана ишмердүүлүгүнүн максатынын комплекси, жалпыланган формада коомдук мамилени иш жүзүндөгү мазмунун чагылдырат. Саясий партиялардын милдетин жана негизги

максаттарын аныктоо, колдонуудагы мыйзам жобосунда бекитилип, аларды ишке ашырууда субъективдик укук жана корреспонденттик милдет керек. Бул максаттар – саясийпартиялардынфункцияларынукуктукмамиледеюридикалыктүшүндүрүүкөбүрөөк маанилүү, ошондой эле укуктук мамиледе негизги объекттерди белгилөөчү ыкма, ал укук субъектиси катары партиянын ишмердүүлүгүнөбагытталган.

Натыйжада азыркы заманыбыздын илими саясий партиянын көп функционалдуулугуна жана “саясий партия” түшүнүгүнүн бир жактуу түшүнүгү берилген жок. Бул окумуштуулар өзүлөрү туура деп эсептеген түшүнүктү негиз кылып алышына байланыштуу болуп жатат. Андай болгону менен баардыгы бул түшүнүккө макул “Саясий партия бул – бирнече адамдардын өз эркименен биригип, алар бир идеяны көздөп,коюлган максаттарды жана маселелерди чечүү үчүн, жергиликтүү калтын калоосун жана саясий кызыкчылыгын мамлекеттик органдарында жактоого өкүлдөрдү шайлоо жолу менен өз максаттарын ишке ашырат”. Саясий партия бийликке келүү үчүн көптөгөн функцияларды ишке ашырат, анын ичинде мамлекетти өнүктүрүү үчүн саясий жанасоциалдык-экономикалык стратегияны иштеп чыгуу, саясий бийлик үчүн күрөш жана баардык стратегияларды ишке ашыруу керек.

*Экинчи бөлүмдө “Саясий партиянын типологиясы”* партиянын (типологиясы) классификациясы юридикалык илиминде көйгөй болгонуна карабастан, ага анализ жүргүзүү аракети көрүлдү. Бул маселе боюнча бирдиктүү бир пикир жок болгону, типологиянын түрлүү критерийлеринин негизинде бир топ классификациянын топтору келипчыкты,аларкласстыкжаратылышы,саясиймаксаты,ичкитүзүмү,саясийтутумдагы жоболор ж. б-лар. Эң белгилүү классификация француз окумуштуусу М. Дюверже сунуштаган. Бул саясий партиянын идеологиялык багытынын негизинде сунушталат, ал консервативдик, либералдык, социалисттик (коммунисттик) жана фашисттик партия деп белгилейт. *[М. Дюверже. Политические партии. [Текст] / М. Дюверже / Пер. с фр. – М.,2002 –с.116-117].*

Саясий партиялар идеологиялык багытына карата дагы классификацияланат; солчул партиялар; борбордук партиялар, оңчул партиялар либералдык маанисинде; оңчул партиялар улуттук мааниде. Россиялык политологдор партиянын программалык багыттарынан оңчул радикалдык (улуттук-патриоттук), консервативдик, либералдык (социал-либералдык), социал-демократиялык, социалисттик, коммунисттик жана солчул радикалдык партияларга бөлүшөт. Партияларды дагы парламенттик (парламентте өкүлү бар)жана парламенттен сырткары (парламентте өкүлү жок) болуп бөлүнүшөт. Парламеттик партиянын ичинен: 1) мажоритардык – партиянын парламентте көптүгү, аларпарламентте
50 пайыз орунду ээлешет; 2) басымдуулар, булар парламентте басымдуу орундарды ээлешет; 3) миниротардык партиялар, парламентте аз орун ээлегендер.

Партиянын уюштуруу түзүмү боюнча парламенттик, лейбористтик жана авангарддык болуп бөлүнөт.

Диссертанттын пикири боюнча, саясий партиялардын иштеп жаткан бийликке карата бөлүнүүсү маанилүү, анткени мындай бөлүү Кыргыз Республикасы жана Казакстан Республикасы үчүн актуалдуу. Мындан партиялар башкаруучу (бийликте орду бар); бийликти колдоочу жана бийликке каршылар (оппозиция); легалдуу жана легалдуу эмес (мыйзамсыз); лидер-партиялар (саясий чечим чыгарууга басым көрсөтө алгандар) жана аутсайдер-партиялар (саясий турмушуна эч катыша албаган) болуп айырмаланат.

Саясий типологиянын класстык тобуна төмөнкү саясий партиялар кирет: коммунисттик, социалдык-демократиялык, буржуаздык-реформисттик жана консервативдик (консервативдик эмес).

Натыйжада азыркы мезгилдеги илимде классификациянын бир топ түрү бар. Алар өз ара илимий ыкмасы менен жана критерий типологиясы менен айырмаланышат, бул ыкманы изилдөөчүлөр колдоно алышат. Дагы буга класстык жаратылышы, саясий максаттар, ички түзүм, саясий тутумдагы абалы ж.б. кирет.

*Үчүнчү бөлүмдө "Партиялык тутумдар: мааниси жана типологиясы"* автор бул бөлүмдө партиялык тутумдун типологиясына тиешелүү суроолорду жана партиялык тутумдун маанисин жазат. Автор белгилегендей партиялык тутум мамлекеттеги бардык саясий партиялардын жыйындысы, алар саясий ишмердүүлүгү аркылуу мамлекеттик бийликти түзүү жана максаттарын иш жүзүнө ашыруу.

Б. А. Стародубский, Ю. Г. Коргунюк, Б. И. Макаренко сыяктуу окумуштуулардын пикири боюнча партиялык тутум мамлекет ичиндеги болгон партиялар арасындагы өз ара мамилелери жана мүнөзү, саны;бул партиялардын ишмердүүлүгүнүн өзгөчө шарты менен; мамлекеттик иште башкаруудагы жана өзгөчө бийликти түзүүдө алардын иш жүзүндөгү ролу.

А. И. Соловьевдун пикири боюнча партиялык тутумду түзүүдө ага көбүрөөк таасири бар факторлор булар: коомдун социалдык түзүмүнүн мүнөзү, иштеп жаткан мыйзам (шайлоо мыйзамдары негизинде) жана социо-маданий салттар. *[Соловьев А.И. Политология. Политическая теория. Политические технологии. [Текст] / А.И. Соловьев – М.,2000 – с.225-226].*

Эң көп тараган партиялык тутумдун типологиясы болуп саясий илиминде М. Дюверженин типологиясы болуп саналат, ал саясий илиминде татыктуу орду бар. Ал партиялык тутумдун үч түрүн белгиледи: бир партиялуу, эки партиялуу жана көп партиялуу. *[Дюверже М. Политические партии. [Текст] / М. Дюверже / Пер. с фр. – М.,2002 – с.288-292].*

М. Дюверженин классикалык схемасын Дж. Сартори өркүндөтүп, ал өзүнүн кеңири ачылган типологиясын далилдеп, партиялык тутумдун 7 негизги түрүн белгиледи: бир партиялуу;гегемон-партиясыменентутум;басымдуупартиятутуму;экипартиялуутутум; чектелүү көп пикирдүүлүк (плюрализм) тутуму (чектүү көп партиялуу); чексиз көп пикирдүүлүк (плюрализм) тутуму (чексиз көп партиялуу); өтө майдаланган (атомизированная) тутум *[Сартори Дж.Партиии партийные системы.[Текст]–М.,2004 – с. 128-130].* Бул классификациянын негизги критерийлери: партиянын саны, алардын бөлүнүү деңгээли жана өз ара мамилешүүнүн мүнөзү.

Диссертанттын пикири боюнча, Дж. Сарторинин типологиясы түрлөрдүн маанилүү мүнөздөмөсүн объективдүү чагылдырат, бул Казакстан менен Кыргызстандын партиялык тутумунун азыркы мезгилдеги өнүгүүсүнүн анализдөө үчүн методологиялык негиз катары колдонсо болот.

Партиялык тутумдун мүнөзүнө жана түзүмүнө иштеп жаткан мыйзам абдан таасири күчтүү, мисалы, көп сандаган партиялардын ишмердүүлүгүн чектөө, шайлоого оппозициялык партияларды катыштырбоо тоскоол болуу, легалдуу эмес партиялык уюмдарга күч колдонууга уруксат берүү.

Шайлоо тутуму мажоритардык болгон мамлекеттерде, адатта эки партиялуу тутум же бир басымдуу партиянын тутуму түзүлөт. Пропорционалдуу шайлоо тутуму көп партиялуу тутумду түзүүгө жеңилдик берет, бул жаңы партияларды түзүүгө шарт түзүп, аларга бийлик органдарында орун алууга мүмкүндүк түзөт.

Эксперттердин пикири боюнча партиялык тутумдардын ишмердүүлүгүнүн сапатын мүнөздөө типологиясына артыкчылык берилет. Бул контекстте башкаруу мүнөзүн эскеалуу менен демократиялык, авторитардык жана тоталитардык партиялык тутумун айырмалайт.

Тигил же бул партиялык тутумдун эффективдүүлүгүнүн баалоо үчүн бирдиктүү стандартжок. Бирокалардын ишмердүүлүгүн салыштырууда маанилүү негизболуп,саясий тутумдун калктын социалдык муктаждыгына жана талаптарына сезгичтиги, чечим кабыл алуу процессине көптөгөн жарандарды тартуу, калктын саясий элиталардын ишмердүүлүгүнө демократиялык контрол жүргүзүү жөндөмдүүлүгү.

**Экинчи бөлүмдө "Кыргыз Республикасында жана Казакстан Республикасында саясий партиялардын ишмердүүлүгүн мыйзамдуу жөнгө салуу"** төрт бөлүктөн туруп, укуктук түшүнүктө саясий партиялардын макамын аныктоочу маселелер каралып, Кыргыз

Республикасында жана Казакстан Республикасындагы саясий партиялар жөнүндө мыйзамдар жана саясий партиялардын ишмердүүлүгүнүн конституциялык негиздери бааланат.

**Изилдөөнүн илимий методогиясы.** Берилгендиссертациялыкизилдөөишиндеавтор ар кандай теориялык-методологиялык ыкмаларды колдонуп, илимий басылмаларда көрсөтүлгөн көйгөйлөрдү, тутумдук, диалектикалык-материалисттик, укуктук-салыштырмалуулук жана тарыхый-укуктук анализинде көрсөтүүгө аракет кылды. Автор изилдөө ишинде чет өлкөлүк, россиялык, кыргыз жана казакстандык укукчуларынын иштеринебасымжасап,алардынишиндекөрсөтүлгөнсаясийпартиялардынишмердүүлүгү жана саясий партия түшүнүгүн ар кандай түшүндүрүү жолдорунколдонгон.

Диссертациялык изилдөө ишинде автор саясий партиялардын түрлөрүн, түшүнүгүн жанафункцияларынизилдөөдөаркандайтарыхый-укуктуктеориялардынметодологиялык синтезинколдонду.

Өз учурунда коюлган маселени ишке ашырууга диалектикалык ыкманын жалпы методологиялык принциптерине кайрылуу туура болду, анткени бул ыкма саясий партиянын эволюциясын жана түзүлүүнү изилдөөдө диалектикалык бирдикте жалпы, өзгөчө жана айрым учурай турган учурларды эң жакшы айкалыштырууга болот, дагы өзгөчөкөңүлбурулатурганнерсе,бултарыхыйдинамикадакөрсөтүлгөндөйтатаалкарама-каршылыктуу байланышы. Диалектикалык ыкма менен биз 10 саясий партиянын ичиндеги процесстерди жана көрүнүштөрдү, алардын пайда болуусун жана өнүгүүсүн, бири бири менен болгон байланышын карап чыгып, аларга жалпы түшүнүк жана категория, алардын бириктирүүчү ролун аныктайалабыз.

Бул ыкманы колдонуу бизге саясий партиялардын ишмердүүлүгүндөгү жана түзүүдөгү укуктук жөнгө салуу өзгөчөлүгүн, эки мамлекеттеги мамлекеттик бийликтеги алардын ролун ар тараптан изилдөөгө мүмкүнчүлүк берет.

Тарыхый-укуктук анализ саясий партиянын өнүүсүнүн жалпы динамикасын XX-кылымдын 90-жылдарынан азыркы убакытка чейин жана ошондой эле эволюциясынын анализин кароого колдонулду. Тарыхый ыкма эки мамлекеттеги саясий партиялардын ишмердүүлүгүнүн укуктук жөнгө салуунун өнүгүүсүн анык көрүүгө, саясий партиянын институциялизациядагы терс жана оң жагын баалоого мүмкүндүк берет. Тарыхый ыкмага ылайык мамлекеттик бийликти ишке ашырууда партиянын ишмердүүлүгүнүн себеп-шарттарын анык көрүүгө болот.

Бул эки мамлекеттеги саясий партиялардын саясий тутумунда өнүгүүсүнүн ырааттуу түрдө ар бир этаптын бөлүгүн байкоонун негизинде, укуктук объектин тарыйхый изилдөөсү менен логикалык изилдөө толукталды. Тарыхый анализдин негизинде саясий партиянын ишмердүүлүгүн жөнгө салуудагы мыйзамдарды өзгөртүүгө зарыл болгон себептерин жана объективдүү өнүгүү жолунун мыйзам ченемдүүлүгүн кайра ойлонуп чыгуу, логикалык түшүнүккө алып келет.

Эки мамлекеттеги ар кандай шайлоо циклдеги жыйынтыктарды кароодо, саясий партиялардын ишмердүүлүгүнүн жана түзүү процессин жөнгө салуудагы ченемдик актыларды арттыруу жолдорун, мамлекеттик бийликти ишке ашырууда саясий партиянын катышуусу үчүн оптималдуу шайлоо тутумун тандоону анализдөө үчүн салыштыруу ыкмасы колдонулат.

Саясий партиялардын ишмердүүлүгүнүн теориялык аспектилерин изилдөөдө автор түзүмдүк-функционалдыканализгетаянды,мындаалпартиянынмоделинжанакөптүрлүү схемасын түзүүгө, алардын функциясын, партия тутумунун динамикасын, шайлоо механизмин, мамлекеттик органдардагы өкүлдөрдүн ишмердүүлүгүн, шайлоочулардын мүнөзүн жана башкаларды камтыган критерийлерден саясий партиянын феноменин комплекстүүтүшүнүүгүналды.Алэмисистемдүүыкмамененавтор,саясийпартиялардын институтунун ишинин өзгөчөлүгүн укуктук мамиледе өз алдынча субъект катары

чагылдырууга аракет кылды.

Изилдөөдө дагы формалдуу-юридикалык ыкма колдонду, бул ыкма өзүнө укуктук ченемдик жазууну, укуктук түшүнүү классификациясы, баяндоо, юридикалык практиканы жыйынтыктоо жана анализдөө кирет. Конкреттүү-социалдык ыкма болсо өзүнө фактыларды изилдөө, системдешүүнү жана анализдөөнү камтыйт.

Изилдөөишиндедагыкөптөгөнбашкаыкмаларкаралды,булболсоизилденипжаткан предметти терең изилдөөгө шарт түздү. Диссертант өзүнүн изилдөө ишинде негизи классикалык, философиялык, укуктук, социологиялык жана башка изилдөөлөргө таянып, берилген проблематиканычагылдырды.

*Биринчи бөлүмдө "Саясий партиянын укуктук макамы"* мында саясий партиянын ишмердүүлүгү азыркы мезгилде мыйзамдын укук нормаларына негизделет. Саясий партиялар институтунун мыйзамда оруп алып бекиши – бул алардын саясий орноо жана уюштурулуу процесси карама-каршылыктуу жана узак процесс. Буга ылайык, алардын институционализация процессин изилдөө чоң мааниге ээ болот. Саясый партиянын институтизациялоосу укуктук түшүнүктө – бул алардын өзгөчө саясий институт катары юридикалык каттоо жана түзүлүү тартибин жана ишмердүүлүгүн регламентациялоо. Укуктук институт түшүнүгүн мындай түшүндүрүүгө негиз болуп, баарынанмурдаченемдердинжыйындысы,аларкоомдукмамилелердебирдейтоптужөнгө салат. Политология илиминде тескерисинче, биринчи планга саясий процесстин коллективдик субъекти катары партия өзү чыгат, мындай учурда укуктук регламентацияга байланыштуу суроолор экинчи плангажылат.

Булардын айырмасы, жогоруда айтылган ыкмаларды ар бирөө бир элекубулуштуөз тарабындагыпикиринетакайт:саясийпартиянынтүзүмдөөпроцессижанаошолучурда пайда болгон коомдук мамилелерде мыйзамдуу бекүү болот. Мындансаясийпартиянын институциялизация процессин аныктоодо илимде эки ыкма берилет: укуктукжанасаясий.

Укуктук саясий партиянын институциялизация процесси бул –мамлекеттарабынан партиянын ишкердүүлүгүнө ченемдик түрлөрүн түзүү процесси, ал эми саясий институциялизациябул – өзгөчө саясий институт катары саясий партиянын өрчүшү жана түзүлүшү, ирээттүү түзүмдүк-функционалдык сапатына ээ процесс.

Партиянын саясий институционализациясы укуктук институционализациянын биринчи шарты болуп саналат, андыктан саясий партия институту эки жүз жыл мурун пайда болгон, ал эми алардын укуктук түзүлүшү кийинирээк болду. Саясий тутумда мамлекеттик башкаруунун механизми жүрүп, партиянын ролу күчөдү, буга саясий партиялар активдүү киришишти. Бул болсо партиянын ишмердүүлүнүн мыйзамдык-укуктук базаны түптөөгө алып келди.

Партиянын саясий институционализациясы алардын укуктук ордун бекитүүгө багытталган, аларга байланыштуу башка саясий тутумдун институттарын (мисалы, мамлекеттик башкаруу органдары, коомдук уюмдар ж.б.) жана партиянын ишмердүүлүгүн мыйзамдык түрдө жөнгө салынган. Партиялар арасындагы өз ара мамилелериндеги милдеттери жана алардын укуктары такталат.

Бир нече мамлекеттерде саясий партиянын ишмердүүлүгүн жөнгө салууда конституциялык деңгээлде эмес, болгону гана жарандык жана шайлоо мыйзамдарында белгиленет (мисалы, АКШ). Ал эми экинчи дүйнөлүк согуштан кийин конституция кабыл алынган мамлекеттерде (мисалы, Россия Федерациясы, Швеция, Кыргыз Республикасы ж.б.) тескерисинче партиянын ишмердүүлүгү аябай тактап каралат. Кээ бирмамлекеттерде болсо (мисалы, Германия, Австрия ж.б.) партиянын ишмердүүлүгүнүн көп аспектилерин жөнгө салууга, атайын мыйзамдар кабылалынат.

Саясий партиянын түшүнүгүн, алардын функциясын жана максатын аныктоо атайын мыйзамдуу же конституциялык жол менен аныктоо, бул бирден бир негизги көйгөй. Партиялардынбирденбирнегизгикритерии,булшайлоокампанияларынакатышуусужана элдин калоосун саясийтүшүндүрүү.

Саясий партия расмий катоодон өткөндөн кийин,юридикалыкжакдегенмакамына ээ

болот, мындан ал саясий (бийликти жана парламентти түзүүгө катышуу, бардык өкүлчүлүк бийлик органдарын түзүү, мамлекеттик саясатка таасир этүү, массалык кампанияларды өткөрүү ж.б.) жана финансылык (мамлекеттен материалдык жардам алуу, партиянын ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат таратууда жеке массалык маалымат каражаттарын гана эмес, мамлекеттик да массалык маалымат каражаттарын колдонуу) жагынан артыкчык алат.

Саясий партиялардын ар кандай деңгээлдеги шайлоого катышуу менен алар бийликтин өкүлчүлүк жана аткаруучу органдарын түзө алышат, бул эң негизги саясий артыкчылыгы болот, бул артыкчылык саясий партияны башка саясий уюмдардан айырмалайт.

*Экинчи бөлүмдө "Кыргыз Республикасында жана Казакстан Республикасында саясий партиялардын ишмердүүлүгүнүн Конституциялык негизи"* бул бөлүмдө автор, изилдөө жүргүзүлүп жаткан эки мамлекеттеги саясий партиялардын ишмердүүлүгүнүн конституциялык нормаларын карады. Казакстан Республикасынын Конституциясында партиянын саясий укуктук институционализациясы эки жол менен ишке ашырылат: 1) мамлекеттеги саясий партиялардын макамына байланыштуу негизги жоболор Конституцияда камтылган; 2) саясий партиялар жөнүндө мыйзам кабыл алуу.

Казакстандын негизги мыйзамынын 5-беренесинде саясий партиянын макамынын абалын толугу менен ачат (2007-жылдын редакциясында).

Казакстан Республикасында идеологиялык жана саясий көптүрдүүлүккөартыкчылык берилет, бул идеологиялык көз караштагы ар кандай саясий партиялардын түзүлүүсүнө конституциялык өбөлгө түзүлөт.Коомдукинституттармененмамлекеттикинституттардын биригүүсүнө тыюу салынат, ошондой эле мамлекеттик органдарда саясий партиянын бөлүмүнүн түзүлүшүнө да тыюу салынат (Казакстан Республикасынын 1 п. 5-беренеси), тактап айтканда саясий партиялар өз алдынча саясий уюм болуп саналат.

Конституция бардык коомдук бирикмелер менен уюмдарын (анын ичинде саясий партиялардын) мыйзам алдында тең укуктуулугун көрсөтөт. Мамлекет коомдук бирикмелердин ички иштерине мыйзамсыз киришүүгө укугу жок, ошондой эле алар мамлекеттик иштерге да киришүүгө укугу жок. Саясий партиялар жана уюмдар казакстандын жарандарынын жана юридикалык жактардын өз ыктыяры менен берилген каражаттарга жана партия мүчөлөрүнүн мүчөлүк төлөмдөрүнө ишмердүүлүгүн алып барышат.КазакстанРеспубликасынынсаясийпартияларычетөлкөлүкмамлекеттерден,чет өлкөлүк юридикалык жактардан жана жарандардан, эл аралык уюмдардан акча каражатын алууга тыюу салынат (2 п.5-берене).

Конституциялык түзүмдүкүчмененөзгөртүүгө, республиканынбүтүндүгүнбузууга, мамлекеттинкоопсуздугунашеккелтирүү,социалдык,рассалык,улуттук,динийжанауруу арасындачырчыгаруугабагытталганкоомдукуюмдардынишмердүүлүгүнөжанаушундай уюмдарды түзүүгө тыюу салынат (3 п.5-берене).

2007-жылкы конституциялык реформага ылайык саясий партиялар мамлекеттик маанилүү чечим алууга катышууга жаңы механизм алышты, аларга премьер-министрдин кандидатурасын сунуштоого конституциялык укук ыйгарылган жана бийликке 2 эсе жоопкечилик жүктөлгөн, ал президент алдында жана парламент алдында болот.

Кыргызстандагы 2010-жылдын каргашалуу окуясы (апрель революциясы) мамлекетте жарым президенттик башкаруу формасынын кабыл алынуусуна, бул бийликте башкаруучу элита бийликтин узурпациясына жана авторитардык режимге акырындык менен алып келди. 2010-жылдын апрелинде мамлекеттин жаңы бийлиги республикада саясий тутумду демократизация максатында парламенттик башкаруу формасын түзүүнү, мамлекеттик башкарууну реформалоону чечишти.

2010-жылдын Кыргызстандын Конституциясы боюнча парламенттик-президенттик республика, президентке сунуштоо функциялары бекитилген. Республикада негизги мыйзам менен көп партиялуулук жана саясий көп түрдүүлүгү бекитилген. Саясий партиялар жарандардын саясий калоосун айтып, Жогорку Кеңешке депутаттарды,

Президентти жана жергиликтүү өзүн башкаруу органдары шайлоого катышат (1,2,3 п-тар, 4-берене).

Ошону менен бирге Конституция төмөнкүлөргө тыюу салат: 1) мамлекеттик, муниципалдык партия институттарынын биригүүсү; муниципалык жана мамлекеттик мекемелерде партиянын ишмердүүлүгүн уюштуруу жана партияны түзүү; мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер кызмат ордун кыянаттык менен колдонуп, партиянын иштерин жүргүзүү; 2) аскер кызматкерлери, укук коргоо органдарынын кызматкерлери жана соттор саясий партиянын мүчөсү боло албайт, алардын саясий партияны жактоосу да каралбайт; 3) диний, этникалык негизде, саясий максатты көздөгөн диний уюмдар саясий партияны түзүүгө; 4) жарандар аскердик түзүмдөрдү түзүүгө; 5) Конституциялык түзүмдү күчмененөзгөртүүгө,республиканынбүтүндүгүнбузууга,мамлекттинкоопсуздугунашек келтирүү,социалдык,рассалык,улуттук,динийжанаурууарасындачырчыгарууга багытталганкоомдукуюмдардынишмердүүлүгүнөжанаушундайуюмдардытүзүүгөтыюу салынат (4 п.4-берене).

Конституция депутаттык мандат алган саясий партиялардын бийликти түзүүдө катышуусун белгилейт, алпарламенталдындажоопкерчиликтүү.Ошолэлеучурданегизги мыйзам шайлоодо уткан партиянын алган мандаттарынын санын чектейт, бул Жогорку Кеңештеги бир партиянын монополиялык басымдуулугун жок кылуу аракети. Шайлоодо жеңип чыккан партия 65 депутаттык мандат алышат (электорат тарабынан абдан жакшы колдоо алса да ушул 65 мандаттаалышат).

2010-жылдын Конституциясында парламенттик көптүк деген түшүнүк (тактап айтканда Жогорку Кеңеште депутаттык мандаттын жарымынан көбүн ээлегендер фракция же фракциянын коалициясын официалдуу жарыяланышы, алар премьер-министрдин кызматына сунушташат, дагы парламенттик оппозиция (тактап айтканда, бул бир же бир нече партиялык фракциялар, алар парламенттик көптүккө кирбестен өзүлөрүн көпчүлүк каолицияга өзүлөрүн оппозиция деп жарыялашат).

*Үчүнчү бөлүмдө "Казакстан Республикасынын саясий партиялар жөнүндө мыйзамдар"* саясий партиялардын ишмердүүлүгүн жөнгө салуу ченемдик актылар, Казакстан Республикасынын "Саясий партиялар жөнүндө" (1996-ж.), "Казакстан Республикасынын шайлоо жөнүндө" мыйзамдары анализделет.

Казакстан Республикасынын "Саясий партиялар жөнүндө" мыйзамыбиринчижолу 1996-жылы кабыл алынган. Партиялык түзүүнү жөнгө салууда келип чыккан зарылчылыктан 2002-жылдын июлунда "Саясий партиялар жөнүндө" жаңымыйзамкабыл алынган. Булмыйзампартиялардытүзүүдөукуктукнегизин,алардынукуктарыменен милдеттерин,партиялардынмамлекеттикинституттарменененөзарамамилесинжөнгөсалат.

Мыйзам саясий партиянын дефинициясын белгилейт, бул – бир нече адамдардын өз эрки менен биригип, алар бир идеяны көздөп, коюлган максаттарды жана маселелерди чечүү үчүн, жергиликтүү калтын калоосун жана саясий кызыкчылыгын мамлекеттик органдарында жактоого өкүлдөрдү шайлоо жолу менен өз максаттарын ишке ашырат ("Казакстан Республикасынын саясий партиялар жөнүндө мыйзам" 1 п. 1-берене).

Саясий партиялардын ишмердүүлүгү төмөнкү принциптерден негизделет, алар тең укуктуу, өз ыктыяры менен, өзүн өзү башкаруу, мыйзамдуу жана ачыктык. Саясий партияларишмердүүлүгүнүныкмасын,формасын,максатын,ичкитүзүмүнтандоогоэркин (1п. 5-б.).

Ал партияны түзүү процедурасын бекитет: 1) саясий партия Казакстан Республикасынынжарандартобунундемилгесименен(бирмиңадамданкемэмес)түзүлүп, саясий партияны түзүүнүн демилгечилери уюштуруу курултайын (конференциясын) же жалпы чогулуш чакырат, анда үчтөн экиси облус, республикалык маанидеги шаар жана борборшаарөкүлдөрүболушукерек;2)саясийпартиянытүзүүдөгүдемилгечитоптунаты-жөнүн каттоо органы электрондук жана кагаз формасында каттайт; 3) саясий партиянын курултайында (конференциясында) саясий партияны түзүү, анын аты, уставы, программасы кабыл алынат жана жетектөөчү органдар түзүлөтж.б.(6-б.).

Мыйзам мамлекеттик органга, саясий партиялар мыйзам чегинде иш алып барып жатканын контролдойт: каттоо органдары, саясий партиянын документтерин жана анын түзүмдүкбөлүмдөрү(филиалжанаөкүлчүк)жөнүндөмаалыматтыалуумүмкүндүгүналуу, саясий партиянын мүчөсүнүн мыйзамда көрсөтүлгөн саны; мамлекеттин мыйзамына ылайык киреше органы жана салык органы(12-б.)

Мыйзам дагы партиянын укугун жөнгө салат (өзүнүн ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат таратуу жана максаты менен милдеттерин пропагандалоо); өз ыктыяры менен ассоциацияга (союзга), шайлоо блокторуна биригип алуу; Казакстан Республикасынын Президенттигине, Парламенттин Мажилисине жана Сенаттына, маслихатка жана башкаларга кандидаттарды сунуштайт жана саясий партиянын милдеттерин мыйзам чегинде аткаруу (Казакстан Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдары); каттоо органдарына өзгөрүүлөр тууралуу маалымат берүү (партиянын иш орду жана жетекчилер тууралуу); тийиштүү мамлекеттик органдарга партиянын ишмердүүлүгүнүн каржы жана киреше боюнча отчет тапшыруу (15-б.).

Булжердеавтормамлекеттикоргандардынсаясийпартиялардынукуктукченемдерин сактоосуна, контролдоо жүргүзүүгө киришүүсүн (атайын укуктук-ченемдик актыларын кабыл алуу менен) тактап белгилөө керектигинэсептейт.

**“Казакстан Республикасынын шайлоо жөнүндө” Конституциялык мыйзамы** казакстан жарандарынын шайлоо процессинде катышуу принциптерин аныктайт: жашыруун добуш берүүдө түз эркин шайлоо укугу; Сенатка шайлоодо кыйыр шайлоо укугун; жарандын шайлоого катышы өз ыктыяры менен болуу керек (“Казакстан Республикасынын шайлоо жөнүндө мыйзамы” 1-3 п. 3-б.). Мыйзам соттун чечими менен аракетке жөндөмсүз же абакта отурган жарандарга шайлоо процессине катышууга тыюу салат (3 п. 4-б.).

Казакстан Республикасынын мыйзамына ылайык, шайлоо процессин мамлекет тарабынан каржыланат, партиялык тизме менен шайлоого катышкандардан тышкары; кандидаттар жөнүндө маалыматтык плакаттарды даярдоого да мамлекет тарабынан каржылоо болот, бирок ал кийин ал маалымтаттык плакат шайлоокомиссиясынын отурган жана шайлоо жүрүп жаткан мекемеде илиниши керек (1-2 п.33-берене).

Диссертанттын пикири боюнча саясий партиянын тизмеси менен шайлоого катышып жаткан кандидаттардын каржылануусуна тыюу салынышы керек, алар шайлоого катышып жаткан башка субъекттер сыяктуу эле бирдей каржылануу керек. Ошону менен бирге, бул нормалар ушул эле мыйзамдын 3 пунктуна 28-беренесине карама каршы келет, мыйзамда айтылган “мамлекет кандидаттарга өзүнүн шайлоо программасы менен мамлекеттик массалык маалымат каражаттарында чыгуусуна жана ар бир кандидат башка кандидаттардай эле мамлекеттик телевидениеден, мамлекеттик радиодон чыгып сүйлөй алат, жана дагы мамлекеттик басылмаларында 2 макала басып чыгара алат” (3 п. 28-б.).

Парламенттин Мажилис жана Сенатка шайлануучу депутаттарга тиешелүү нормаларды, саясий партиядан Мажилиске депутаттарды шайлоо жана Казакстан элдеринин Ассамблеясын шайлоого катышуу жана каттоо процедураларын; партиянын тизмесибоюнчашайлоонунжыйынтыгындаалынгандепутаттыкмандаттардыбөлүштүрүү маселесин, добуштардын жыйынтыгын аныктоо жана өткөрүү маселеси жана башкаларды автор терең карапанализдеди.

Диссертант Казакстан Республикасынын шайлоодогу добуштардын жыйынтыгы боюнча депутаттык мандаттарды бөлүштүрүүдө, саясий партиялар үчүн 7%дуу тоскоолдукту абдан жогоку деп эсептейт. Аны 5 пайызга азайтууну туура көрөт.

Автордун пикири боюнча “Казакстан Республикасынын шайлоо жөнүндө” мыйзамына Борбордук шайлоо комиссиясы партиянын тизмесиндеги кандидаттарды каттого алгандан кийин тизмени өзгөртүү жөнүндө (мисалы, кандидаттардын толук курамы,жанапартиялыктизмедегитартиби)жобокиргизүүкерек.Булнормаларшайлоодо утуп чыккан партиялардын тизмеси менен болгон көптөгөн манипуляцияларына жол берилбейт.

*Төртүнчү бөлүмдө "Кыргыз Республикасынын саясий партиялар жөнүндө мыйзамдар"*саясийпартиялардынишмердүүлүгүнжөнгөсалууүченемдикактыларкаралат. Кыргыз Республикасынын "Саясий партиялар жөнүндө мыйзамы" (1999-ж.) партия түшүнүгүн аныктайт, партияны түзүү шартын жана анын ишмердүүлүгүн, максатын, милдеттерин аныктайт, партиялар үчүн ар түрдүү ишмердүүлүктү жүргүзүүгө тыюу салынган тизме, материалдык камсыздоосунун жана финансылык негиздерин жана саясий партиянын мыйзам бузуудагы жоопкерчилигинаныктоо.

Булмыйзамгаылайык,саясийпартиябул–КыргызРеспубликасынынжарандарынын өз ыктыяры менен биригип, алар бир идеяны көздөп, коюлган максаттарды жана маселелерди чечүү үчүн, жергиликтүү калктын калоосун жана саясий кызыкчылыгын мамлекеттик органдарында жактоого өкүлдөрдү шайлоо жолу менен өз максаттарын ишке ашырат (Кыргыз Республикасынын "Саясий партиялар жөнүндө" мыйзамы) (1-б.). Саясий партиялардын ишмердүүлүгү жана партиянын түзүлүшү төмөндөгүдөй аныкталат: "Жергиликтүү калктын саясий калоосун ишке ашыруу максатында саясий партиялар түзүлөт жана мамлекеттик башкарууда катышуу алардын негизги максаты: Жогору Кеңешке, жергиликтүү өзүн башкаруу органдарына жана мамлекеттик кызмат ордуна өзүлөрүнүн кандидаттарын сунуштоо" (3-б.).

Мыйзам саясий партиялардын ишмердүүлүгүнө төмөнкү учурларда тыюу салат: Конституциялык түзүмдүн күч менен өзгөртүүгө, республиканын бүтүндүгүн бузууга, мамлекеттинкоопсуздугунашеккелтирүү,социалдык,рассалык,улуттук,динийжанауруу арасындачырчыгарууугабагытталганкоомдукуюмдардынишмердүүлүгүнөжанаушундай уюмдарды түзүүгө тыюу салынат(3-берене).

Кыргыз Республикасынын жана ошондой эле Казакстан Республикасынын территориясында чет элдик саясий партияны түзүүгө жана ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө тыюу салынат.

Саясий партиялар Кыргыз Республикасынын кеминде 10 жаранынын көтөргөн демилгеси боюнча түзүлөт. Саясий партияны түзүүнүн демилгечилери уюштуруу курултайын (конференциясын) же жалпы чогулуш чакырат, анда устав кабыл алынат жана жетектөөчү органдар түзүлөт (5-б.).

Кыргызстандапартиятүзүүдөминималдыксаны(10адам)бул–эңазчеги,бирокбул норма республикада көп партиялуу институтту өнүктүрүүгө оң натыйжаберди.

Бирок, диссертанттын оюу боюнча, саясий партияларды ирилештирүүгө, алардын жалпы улуттук деңгээлге жетүү, Кыргызстандын ар бир регионунан жок дегенде 10 кишиден болгондой кылып, өкүлчүлүк нормаларына карата азыркы иштеп жаткан саясий партиялар жөнүндө мыйзамга өзгөрүү киргизүүгө жана саясий тутумда алардын ролун күчөтүүгө мезгил келип жетти.

Ошол эле убакта, саясий партиянын ишмердүүлүгүнүн маанилүү аспектилери (финансылык ишмердүүлүгү, мамлекеттик органдар тарабынан алардын ишмердүүлүгүн контролдоо ж.б.) ойдогудай көңүл бурулбайт.

Андыктан, Кыргыз Республикасынын саясий партиянын ишин жөнгө салуучу мыйзам базасына анализ жүргүзүлгөн, бул диссертантка төмөнкү жыйынтыкты чыгарууга мүмкүндүк берди, алар: саясий партиялардын ишмердүүлүгүнүн көптөгөн аспектилери, мисалы, партиялардын милдеттери, финансылык ишмердүүлүгү, партияга карата болгон мамлекеттин укуктары жана милдеттери, алардын ишмердүүлүгүнө мамлекеттик органдар тарабынан контролу "Саясий партиялар жөнүндө мыйзамда" жөнгө салынган эмес, бул мыйзам 1999-жылы кабыл алынган, андыктан бул эски мыйзам жана азыркы мезгилдеги саясий реалдуулукка туура келбейт, саясий партияларга жаңы мыйзам керек.

**Үчүнчү глава "Кыргыз Республикасындагы жана Казакстан Республикасындагы саясий партиялар институтунун өнүгүүсү жана электоралдык процесстер"** үч бөлүктөн турат, шайлоо процессинде саясий партиянын катышуу призмасы аркылуу Кыргыз Республикасында жана Казакстан Республикасында партиялык тутумдарынын өнүгүү маселесинин актуалдуулугун көрсөтөт.

*Биринчи бөлүм “Казакстан Республикасынын партия тутумунун жаралышы жана эволюциясы”*мындабулмамлекеттегисаясийпартиялардынинститутунунжаралышы жана өнүгүшү каралат. Казакстан Республикасынын алгачкы партиялык тутумдун жаралышы 1980-жылдын экинчи жарымына жана 1990-жылдын башына туура келет, ошол учурда көпчүлүк коомдук уюмдар жана коомдук кыймылдар саясий партия форматына («Азат», «Алаш», «Единство», «Народный Конгресс Казахстана», Казахстан Республикалык партиясы, Казахстан социал-демократиялык партиясы (КСДП) ж.б.)өтүшкөн.

Кийинки жылдары саясий партиялардын саны өсөт. 2002-жылы Казакстан юстиция министрлигинин расмий маалыматында 19 саясий партия катталган: "Желтоксан» Улуттук демократиялык партия, "Алаш" улуттук кайра жандануу партиясы, Казахстан элдик конгресси, Коммунистик партия ж. б. Автордун пикиринде, бул партиялардын көбү аз сандуулугу менен, алсыздыгы менен, идеологиясынын түшүнүксүздүгү менен жана электоратта аброю жоктугу менен айырмаланган.

2002-жылы июнь айында Казакстанда партияны түзүү процессин жөнгө салуу максатында “Саясий партиялар жөнүндө” жаңы мыйзам кабыл алынат, бул диссертанттын пикиринде саясий партия түзүү жолунда 50-миңдик тоскоолду киргизүү менен саясий партияларды жана алардын ишмердүүлгүн каттоо процедурасы татаалданган. Бул мыйзам Казакстандагы ишин жүргүзүп жаткан партияларды да кайра каттоону талап койгон, анда 7 партия гана бул татаал каттоодон өткөн: “Отан”, Агрардык партия, Жарандык партия, “Ак жол” ДПК, Патриоттор партиясы, “Ауыл” Жумушчулар социал-демократиялык партиясы жана Коммунисттик партия. Биринчи үч партия бийлик партиялары, калгандары радикалдуу жана оппозицияболгон.

Жыйынтыгында Казакстан партиялык тутумуна төмөнкү өнүгүү тенденциясы тиешелүү: 1) Казакстан партиялык-саясий тутумунун түзүмүн жөнөкөйлөтүү (натыйжада бийликтиколдогонпартиялардынбиригиши);2)көппартиялуутутумданжарымпартиялуу тутумга өтүү, бул доминанттык (басымдуу) партиянын негизинде, электораттын аброюн колдонуу менен бийлик башында көпкө туруп, парламентте көп орун ээлеп, бийликти түзүү. Диссертанттын пикири боюнча, мындай система саясий партиялардын санынын жогорулашын (мисалы, партиялык түзүмдүн санын 40 миң адамга чейин жогорулатуу, кайра каттоо шартынын татаалдашуусу, кээ бир оппозициялык партияларды каттодон баш тартуу ж. б.) жасалма тоскоолдук жасоо кесепетинен келипчыккан.

*Экинчи бөлүмдө “Казакстан Республикасынын парламенттик шайлоосу”* саясий партиялардын республикалык Парламентке шайлоого катышуу призмасы аркылуу шайлоо кампанияларынын жыйынтыгы каралды. Казакстан Парламентинин Мажилисине биринчи жолу 67 депутатты шайлоо 9-декабрда 1995-жылы өткөн. Мажилистин экинчи чакырылышына шайлоо аралаш схема менен өткөн (күз, 1999-ж.): 67 депутат мажоритардык тутумдун негизинде бир мандаттык округдан шайланган, 10 депутат пропорционалдык тутумдун негизинде партиялык тизме менен бирдиктүү улуттук округдан шайланды. 4 партия шайлоодо жети пайыздуу тоскоолдукту жеңип чыкты: «Отан» (4 депутаттык мандат), Жарандык (2), Агрардык (2) жана Коммунисттик (2) партиялар.

2004-жылдын сентябрында мажоритардык-пропорционалдуу тутумдун негизинде Мажилистин үчүнчү чакырылышына шайлоо өттү. 12 партиянын ичинен «Отан» (60,61 % шайлоочулардын добушу менен); «Адилет» (12,8 %); «Ак жол» (12,04 %); «Асар» (11,38 %); «Аграрноиндустриальный союз трудящихся» («АИСТ») шайлоо блогу (Жарандык жана Агрардык партиялардын курамында) (7,07 %) партиялары утуп чыккан. Калган партиялар 7 пайыздык шайлоо тоскоолун өтө алышкан эмес. “Отан” электоралдык колдоо менен 6 мандат, калгандары – бирден мандат алышкан.

2007-жылдын18-августундаМажилистинтөртүнчүчакырылышынашайлооөттү(107 депутат), буга 7 партия катышты. Бул жолку шайлоонун жаңылыгы болуп: 98 депутатты шайлоопропорционалыкнегиздепартиялыктизмемененөткөрүлгөн,Казакстанэлдеринин Ассамблеясынан – 9 кандидат, бул кандидаттар боюнча шайлоо өзүнчө өткөрүлгөн. Парламентке бир гана “Отан” партиясыөткөн.

2012-жылы январь айында Мажилистин кезектеги бешинчи чакырылышына шайлоо өттү.Мажилискеболгону3партияөттү–“Нур-Отан”,“Акжол”жанакоммунисттикэлдик партиясы, лидерлик позицияда “Нур-Отан”калды.

2016-жылы 20-мартта Казакстан Парламентинин Мажилисине 6 партиянын катышуусу менен кезексиз шайлоо өттү. «Нур Отан» (82,20% шайлоочулардын добушу менен–84депутаттыкмандат);КазакстанКоммунисттикэлдикпартия(7,14%–7мандат); «Ак жол» Казакстан Демократиялык партиясы (7,18% – 7 мандат) шайлоодон жеңип чыккан. 9 депутат Казакстан элдеринин Ассамблеясынан шайланды.

Ошентип Казакстандын көп партиялуу тутуму татаал жолду өттү. Республикада ар кайсы тарыхый мезгилдерде саясий жана укуктук кырдаалга байланыштуу жыйырмачакты саясийпартиялароэзишмердүүлүгүнжүргүзүшкөн,бирокбаарыпарламенттикпартияболо алган жок. “Нур-Отан” партиясы 2007-жылдан 2012-жылга чейин парламенттик партиясы болуп келди. Калган саясий партиялардын мүмкүнчүлүгү аз, шайлоо алдындагы мезгилде шайлоочулар менен партиянын иши эффективдүүэмес.

*Үчүнчү бөлүк “Кыргызстандын саясий партиялары: жаралышы жана эволюциясы”* бул бөлүмдө автор Кыргызстандагы саясий партиялардын тутумунун түзүлүшү жана өрчүшүн изилдеди.

Кыргызстанда көп партиялуу тутумдун түзүлүшү 1990-жылы Кыргызстан Демократиялык кыймылынан биринчи “Асаба” саясий партиясы (октябрь, 1990-ж.) келип чыккан, “Эркин Кыргызстан” (февраль 1991-ж.). Кыргызстанда партиялардын тез өнүгүү тенденциясы байкалды. 1995-жылы Кыргызстанда 14 саясий партия катталган, алар “Асаба”, “Эркин Кыргызстан”, Коммунисттер партиясы, “Ата-Мекен”, Кыргызстан Социал Демократиялык партиясы (КСДП), Агрардык партия ж.б. Ошондогу көппартиялар абдан алсыз жана аз сандуу болгон, регионалдык бөлүмдөрүнүн жоктугу, электорат менен ишалыпбарбоосуж.б.себепболгон.2005-жылымартокуясынанкийинпартиялыктутумду түзүү активдүү башталды. Эгер 2005-жылдын биринчи жарымында 44 саясий партия катталган болсо, ал эми 2011-жылдын июнунда 156 саясий партиякатталган.

Кыргызстанда саясий партиянын саны өсүп жатты. Буга 2010-жылдын апрель окуясынан кийинки парламенттик шайлоого мөөнөтүнөн мурда шайлоо өткөрүү көмөк болду. Кыргызстандын юстиция министрлигинде 2012-жылдын июнь айына – официалдуу каттоодон 169 партия, 2015-жылы – 205 партия өткөн.

Бул партиялык тутумунун эволюциясына алып келип, Сарторинин классификациясы боюнча (бөлүнгөн) атомдошкон абалга келди. Азыркы мезгилде Кыргыз Республикасында расмий түрдө 230 саясий партия катталган, алардын көбү эч качан Жогорку Кеңешке шайлоого катышышкан эмес. Эксперттердин пикири боюнча, Кыргызстанда парламенттик башкаруу формасы болсо да, мындай көп партиялуулук жакшы эмес. Автордун пикири боюнча, Кыргыз Республикасына 4–6 жалпы улуттук саясий партия жетиштүү болорун айтты.

*Төртүнчү бөлүм “Кыргыз Республикасында электоралдык кампания”* бул бөлүм саясий партиялардын шайлоо кампанияларындагы катышуусунун өзгөчөлүгүнө, мамлекеттик бийликти түзүү процессиндеги алардын ролуна арналат.

2000-жылы биринчи жолу пропорционалдык-мажоритардык тутум Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине Мыйзам чыгаруу палатасына шайлоодо колдонулган, анда 15% депутаттар Мыйзам чыгаруу палатасына пропорционалдуу шайлоо колдонулган, 85% – мажоритардык шайлоо тутуму. Шайлоо бюллетендери эки шайлоо блогу жана тогуз саясий партияны камтыган. Шайлоо мыйзамына ылайык 5%дуу тоскоолдукту партиялык блок СДС жана Кыз-келиндер демократиялык партиясы, “Ата-Мекен”, “Моя страна”, Коммунисттер партиясы, Афганистан согушунун ардагерлери партиясы ж. б. өтүшкөн.

2005-жылы парламенттик шайлоо мажоритардык шайлоо тутумунда өткөн. Буга 7 саясий партия катышкан, алардын арасынан парламентке өткөн партиялар: “Алга, Кыргызстан” (17 мандат), “Адилет” (4 мандат), Коммунисттер партия (3 мандат), “Жаңы

күч” демократиялык кыз-келиндер жана жаштар партиясы (2), “Асаба”, “Ата-Мекен”, КСДП, Кыргызстандын элдик кыймылы – бир мандаттан.

2007-жылыреспубликадамөөнөтүнөнмурдапарламенттикшайлоопропорционалдык шайлоо тутуму негизинде жана эки шайлоо тоскоолдукту киргизүү (5 пайыздуу жана 0,5 пайыздуу регион боюнча тоскоолдук) болду. Болжолдуу шайлоо жыйынтыгы боюнча эки тоскоолдукту президенттик “Ак жол” партиясы жана “Ата Мекен” оппозициялык партиялары өтүшкөн. Кийинчерээк БШК “Ата Мекен” регион боюнча 0,5 пайыздуу тоскоолду өткөн жок деп жарыялашты. Бул учурда Жогорку Кеңеш бир палаталуу болуп калган (Казакстан Республикасынын парламенти сыяктуу). Бирок расмий шайлоонун жыйынтыгы жарыялангандан кийин дагы эки саясий партиянын утушу аныкталды – Кыргызстан коммунисттер партиясы жана Кыргызстан Социал Демократиялык партиясы. Жыйынтыгында “Ак Жол” бийлик партиясы жогорку бийлик органына 71 мандат, социал-демократтар – 11 мандат, коммунисттер – 8 мандаталышты.

2010-жылы октябрда мөөнөтүнөн мурда өткөн парламенттик шайлоодо, 29 партия катышып, “Ата-Журт” (28 мандат), КСДП (26 мандат), “Ар-Намыс” (25 мандат), “Республика” (23 мандат) жана “Ата-Мекен” (18 мандат) утуп чыгышкан.

2015-жылы кезектеги парламенттик шайлоодо төмөнкү жаңылык кийирген: 1) шайлоочулардын тизмесиндеги 3 млн. 740 миң жарандан 2 млн. 751 миң адам биометриялык каттоодон өткөн жарандардан турган; 2) атайын тунук урналар, бул массалык түрдө бюллетендерди таштоо мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат; 3) шайлоо добуштарын саноо автоматтык түрү; 4) мөөнөтүнөн мурун добуш берүүнү тыюу; 5) шайлоочулардын катталган жеринен эмес, учурда жашап жаткан жеринен шайлоо мүмкүнчүлүгү.

Депутаттык мандатты КСДП (38 мандат), “Республика – Ата-Журт” (28 мандат), “Кыргызстан” (18 мандат), “Өнүгүү-Прогресс” (13 мандат), “Бир бол” (12 мандат), “Ата Мекен” (11 мандат).

Андыктан, Кыргызстанда абдан майдаланган саясий тутум (235 официалдуу катталган саясий партиялар), көпчүлүк саясий партиялар парламенттик шайлоого катышкан эмес.

## ЖЫЙЫНТЫКТОО

**Өткөрүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде автор төмөнкү жыйынтыкка келди:**

1. Саясий партиянын түпкү башталышы демократия өнүккөн батыш өлкөлөрүнөн жол алат, бул мамлекеттерде саясий партиянын классикалык теориясы иштелип чыккан, бирок мурунку советтер союзунун мамлекеттерине, анын ичинде Казакстан Республикасы жана Кыргыз Республикасына бул жол менен барууга болбойт, анткени бул мамлекеттердин өнүгүү тарыхы такырбашка.

Казакстан Республикасынын саясий партиясы коммунисттик партиянын калдыгынан жаралган, ал көпкө чейин эски көз караш менен иш алып баруу менен иштеди. Ошол эле мезгилдеКыргызстандасаясийпартиядемократиялыкжолменентүзүлдү,бугаКыргызстан демократиялык партиянын (КДП) ишмердүүлүгү түрткүболду;

2. Эки мамлекеттин көп партиялуу тутуму өтө оор өнүгүү жолун өттү, муну партия тутуму жана саясий партиянын институционализациясы, тарыхый-укуктук өнүгүү тажрыйбасынын өнүгүү анализи көрсөттү. Азыркы учурда Казакстан Республикасында биржарым партия тутуму же басымдуу партия тутуму орногон. Кыргыз Республикасында атомдошкон партия тутуму оруналган;

3. Өткөөл коомдун демократизациялоодогу ролу жана саясий партияларынын институтунун анализи үчүн методологиялык негизин изилдөө мындай жыйынтыкка келди, эки мамлекеттеги партогенездин кийинки өрчүшүнүн негизги мамлекеттин саясаты аныкталды: Кыргызстанда бул – эркин демократиялык мамлекеттин курулушу, Казакстанда – күчтүү борборлоштурулганмамлекет;

4. Саясий партиялардын ишмердүүлүгүн жөнгө салуу жана партияны түзүүгө байланыштуу Кыргыз Республикасынын жана Казакстан Республикасынын мыйзамын анализдөө кийинки жыйынтыкты берди: Казакстандын саясий партияларын өнүктүрүүгө мамлекет тарабынан абдан чоң колдоо керек, бул мамлекеттик каржылоо жөнүндө мыйзамына толуктоо киргизүү менен шайлоо процесстеги бардык субъекттердин укугун теңдөө. Казакстандагы партиянын мүчөлүк чеги 40 миң киши болушу, саясий партиялар институтун өнүктүрүү үчүн чоң тоскоолдук болот. Партияны каттоо процедурасы жана тартиби абдан татаалдаштырылган жана уруксаат берүүчү иретинде жүрөт. Бул партияны түзүүдө атайын жасалган тоскоолдук болупсаналат.

Кыргыз Республикасындагы саясий партиялардын ишин жөнгө салуучу мыйзам базасын анализдеп чыгып, автор кийинки жыйынтыкка келди, саясий партиялардын ишмердүүлүгүнүн көп аспектери, мисалы, партиянын милдеттери, алардын финансылык ишмердүүлүгү, партияга болгон мамиледе мамлекеттин укугу жана милдети, партиянын ишмердүүлүгүн мамлекеттик орган тарабынан контролдоо, “саясий партиялар жөнүндө мыйзамы” жөнгө салынган эмес;

5. Электоралдык институтунун ишинин саясий-укуктук негизин изилдеп, кийинки жыйынтык алынды, эки мамлекеттеги партиялардын жалпы тенденсиясы болуп, алардын электораттын кызыкчылыгы эмес парламент үчүн күрөшүү болду. Буга далил болуп, алардын бийлик тарабынан колдоо менен түзүлүп, шайлоо алдында гана иштеши; Казакстан Республикасында электораттын кызыкчылыгын белгилеп жана андан аркы иш алып баруусун (бул бирден бир саясий партиянын маанилүү функциясы) “Нур-Отан” партиясыаткарат.АлэмиКыргызстандаболсо,булфункциянынкөптөгөнНПОлораткарат, саясий партиялар бул маселеде эч нерсе кылышбайт;

6. Казакстан жана Кыргызстандагы саясий процесстеги партиянын ролу өзгөрдү,автордунпикирибоюнчаэкимамлекеттетеңпарламенттинжанабийликтинишин конфликтсиз камсыздоо үчүн, президенттердин реформалары так аткарылып “Нур-Отан” жана“Алга,Кыргызстан”кийинчерээк“Акжол,Кыргызстан”партияларыболду.Казакстан Республикасында бийлик партиясынын жолу узак убакытта созулду, алар ири партиялардын бир партияга кошулуусу менен коштолду. Кыргызстанда болсо эки бийлик партиясы болду, алар шайлоо алдындагы убакытта шашылыш түрдө түзүлгөн; эки мамлекетте тең активдүү лобби-партиялары түзүлгөн. Казакстан Республикасында бул – Агрардык партия, ал дан импортёрлорунун жана дан чыгаруучу ишкерлеринин кызыкчылыган жакташат, Казакстан жарандар партиясы – Казакстандын финансылык-өнөр-жай элитасын; “Асар” партиясы батыш идеологиясын колдогон, бирок кийин бийлик партиясына кошулган. Кыргызстанда болсо – Кыргызстандын кыз-келиндер демократиялык партиясы, Агрардык партия, Агрардык-эмгек партиясы, Дыйканчылык партиясы ж.б.; эки мамлекеттин партиялары бир идеология эмес, жеке бир инсандын тегерегинде түзүлүүсү. Электорат ал партияларды идеологиясы жана программалары аркылуу эмес, саясий лидердин аты-жөнүнөнтаанышат.

7. 2000–2010-жылдардагы саясий партиянын институтунун кайра жандануу ишинин анализинин негизинде: Кыргызстандын көп партиялуу тутумун 200 саясий партия чагылдырат, бирок алар начар жана эффективдүү эмес. Бул көп партиянын жарымы кагаз гана түрүндө калган, ал эми калган бөлүгү ийгиликтүү партияларга кошулуп кетишкен. Реалдуу иштеген саясий партиялардын саны болгону ончакты, алар эч кандай социалдык базасыжокжанашайлооалдындаганажанданышат.Республикадагысаясийпартиялардын көпчүлүгүбиркөрүнүктүүинсандынтегерегиндечогулганадамдардынуюшкандыгыдесек болот, ал бир идеологияны колдобостон, ошол инсандын пикирин колдошот. Жыйынтыгында республикабызда атомдошкон (өтө майда) партиялык тутум түзүлдү, Кыргызстанга 5-6 ири саясий партиялар жетиштүүболмок.

Казакстандын көп партиялуулук тутуму өтө татаал өнүгүү жолун өттү. Республиканынаркайсытарыхыймезгилдериндесаясийжанаукуктуккырдаалдарда10-20 саясийпартиянынишмердүүлүгүнжүргүзүшкөн,бирокалардынбаарыэлепарламенттик

партия боло алышкан эмес. Республиканын парламентинде 2007-жылдан 2012-жылга чейин бир гана президенттик партия “Нур-Отан” иштеди. Башка саясий партиялар лоялык же оппозициялык болобу, булардын потенциалы абдан төмөн, анткени шайлоо алдындагы шайлоочулар менен үгүт иштеринин начардыгы, партиялык ишмердүүлүгүнүн иши эффективдүү эмес. Мында парламенттик шайлоого катышкан партиялардын активдүүлүгү байкалат.

8. Эки мамлекеттин парламентиндеги партиялык өкүлчүлүктүн түзүмүн мүнөздөөгө шайлоо процесстердин жыйынтыктоочу анализи төмөнкү жыйынтыкты берди: Казакстан партиялык тутумуна мүнөздүү болуп, биринчиден–саясий-партиялык тутумдарынын кыскарышынмамлекеттик партиялардын бирдиктүү президенттик партияга биригүүсү алып келди; экинчиден –(квази-) көп партиялуу тутумдан биржарым партия же “басымдуу партия тутумуна” өтүү. Бул мамлекетте басымдуу партиянын болушун негиздейт, албийликте узак убакыт туруп, электоралдык туруктуу колдоосу бар партиялар.Бул тутумдун өзгөчөлүгү болуп, парламентте бир партия басымдуулук кылат жана ал бийликти түзөт. Саясий салмагы бар партиялар басымдуу партиялар менен кызматташат же оппозиция болушат. Сартори классификациясына ылайык Кыргыз Республикасынын көп партиялуу тутуму саясий партиянын көптүгүнөн (240тан ашык) өтө атомдошкон, бул партиялардын көпчүлүгү мамлекеттик саясатка эч таасири жок, анткени парламенттик шайлоого эч качан катышкан эмес жана электоралдык колдоосу жок. Кыргыз Республикасынын суверенитетинин тарыхында республикада болгон саясий партиялардын арасынан 20сы гана Жогорку Кеңешке болгон шайлоогокатышкан.Саясий партиялардын негизги максаты болуп, бийликке баруу, программасындагы коюлган маселелелерди мамлекеттик бийлик аркылуу ишке ашыруу эле. Бул болсо, президенттик же парламенттик шайлоого катышпай туруп, коюлган максаттарды ишке ашыруу мүмкүн эмес.

## Практикалык сунуштар

Диссертациялык изилдөөнүн негизинде төмөнкү практикалык сунуштар иштелип чыкты:

1. Саясий партиянын өнүгүүсү үчүн тиешелүү мыйзамдарга толуктоокиргизүү менен жана финансылык каржылоосу толугу менен мамлекеттик жактан болуусу керек. Бул шайлоо процессиндеги субъекттердин укугунтеңдейт.

2. Казакстандагы саясий көп пикирдүүлүктү жана партогенез процессин өнүктүрүү үчүн партия мүчөлөрүнүн саны 40 миң адам болушу чоң тоскоол болот. Диссертант аны 20 миң адамга чейин азайтуунусунуштайт.

3. Партиялардын каттоо процедурасы абдан татаалдашкан жана бул уруксат алуу ирентинде. Бул партияны түзүүдө жасалма тоскоолдук болот. Диссертанттын пикиринде мамлекетти демократизация процессинин тереңдетүү максатында партияларды каттоо учеттук принципке өткөрүүкерек.

4. Казакстан Республикасынын Парламентине Мажилиске шайлоо процессиндеги каржылоо маселеси туура эмес, партиялык тизме менен, коомдук уюмдардан же өзүн өзү талапкерликке коюу болбосун, каржылоо бирдей болушукерек.

“Казакстан Республикасынын шайлоо жөнүндө” мыйзамынын мамлекетик каржылоо жөнүндө 33-беренесине төмөнкү формулировка сунушталат: «1. Президентти шайлоо, Парламентке депутаттарды, маслихаттарды жергиликтүү өзүн башкаруу органдардын жергиликтүү аткаруу органдарынын эсебине которулган республикалык бюджеттик каражаттардан каржылануусу керек. Территориялык шайлоо комиссиясы ошол аймактагы мамлекеттик аткаруу органынын эсебине республикалык бюджеттен которулган каражатты иштетеалышат. 2. Республикалык бюджеттен түшкөн каражаттар төмөнкү

чыгымдарга сарпталышыкерек:
– шайлоокомиссиясынынишинуюштуруу,шайлоожүрүпжатканжайгаижара төлөө, шайлоо комиссиясынын адистерине, лингвист адистерине, эксперттерге жана кеңешчилерге эмгек акысы, иш сапарга чыкканчыгаша;
– Конституциялыкмыйзамгаылайык3пункт28-берене,талапкерлердинбаары бирдей шартта массалык маалымат каражаттарында чыгып сүйлөө;
– Конституциянын мыйзамына ылайык 4-5 пункттары 28-берене, талапкерлер шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү жана үгүт материалдарынчыгаруу;
– Борбордук Шайлоо Комиссиясы белгилеген өлчөмдө бардык талапкерлердин транспорттук чыгымынтөлөө;

1) Казакстан Республикасынын Парламентине саясий партиянын жети пайыздык өтүү тоскоолун азайтууну диссертантсунуштайт.

Буга ылайык 97-1-беренеге төмөнкү туюндурма сунушталат: “1. Борбордук Шайлоо комиссия шайлоочулардын добушунун жыйынтыгын чыгарат, ар бир округдан партиялык тизме боюнча шайлоочулардын беш пайыздан жогору добуш алынганын эсептейт. Саясий партияларга берген шайлоочулардын добушунун суммасы (беш пайыздык тоскоолдон өткөнүн), депутаттык мандатка бөлүнүүчү сан. Алынган жыйынтык бул – биринчишайлоо квотасы (1 п.97-1-б.).

Кыргыз Республикасынын саясий партияларынын ишмердүүлүгүн жөнгө салууну жана мыйзам базасын анализдөөдөн диссертант төмөнкү жыйынтыктарды чыгарып жана сунуштарды берет. Саясий партиялардын ишмердүүлүгүнүн көп аспекттери мисалы, партиянын милдеттери, финансылык ишмердүүлүгү, мамлекет менен партиянын ортосундагы укук менен милдеттер, партиянын ишмердүүлүгүн мамлекеттик органдардын контролдоосу “Саясий партиялар жөнүндө” мыйзамда жөнгө салынган эмес.

Кыргыз Республикасына диссертант кийинки сунуштарды сунуштайт:

1. Диссертанттын пикиринде 5-берененин жаңы редакциясында саясий партияларды түзүүдө регламенттик шарттарды киргизүү зарыл: саясий партия түзүүдө кеминде 200 адам болушу жана алар республиканын баардык облустарын жана Бишкек шаарын камтышыкерек.

Саясий партиянын демилгечи тобу 100 адамдан турган уюштуруучу комитетти түзүп, партиянын уюмдаштыруу документтерин даярдап жана уюштуруучу съездди (конференция) өткөрүү керек. Уюштуруучу комитет Юстиция министрлигине уюштуруучулук съезди(конференция)кайсы убакта өткөрөрүн кабарлашыкерек,бул съездде партиянын уставы, программасы жана партиянын башкаруучу органын аныкташат.Партиянын уюштуруучу комитети уюштуруучулук съезди(конференция) өткөндөн кийин бир айдын ичинде бул партия жөнүндө толук маалыматтарды басыл мамаалыматтык каражаттарында басып чыгаруусу зарыл.

Эгерде учурдагы мыйзамга ылайык партиянын мүчөлөрүнүн саны (минималдык саны) партиянын официалдуу катоосунан кийин кыйла азайса, анда ал партия макамын жоготуп, андан ары партиялык ишмердүүлүктү коомдук уюм катары гана алып бара алат.

Саясий партиянын шайлоого катышуусу милдеттүү болушу үчүн, мындай критерийлер талап болушу керек:

- Парламенттик шайлоого партиялык тизмени жана ага катталуусункөрсөтүү;
- Кыргыз Республикасынын Президенттик шайлоосуна көрсөтүлгөн кандидатты жана ага катталуусун көрсөтүү.

Кыргыз Республикасынын шайлоо жөнүндө кодексинин 7-беренесине толуктоолор жана өзгөрүүлөрдү кийирүү керек. Бул берене төмөнкүдөй болушун сунуштайт:

1. Саясий партия жана анын мүчөлөрүмилдеттүү:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана республиканын башка мыйзамдарын, эл аралык укуктук актыларды партиянын ишмердүүлүгүндө колдонуп жана жетекчиликкеалуу;

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жана башка бийлик органдарына шайлоогокатышуу;

- өзүнүн чечимдерин жана жогору турган партиялык уюмдардын чечимдерин аткаруу;

- партиянын мүчөлөрүнүн санынын өзгөрүүсүн, жетектөөчү органдын курамын, устав жана программасын каттоо органдарына өз убагында маалымдаптуруу;

- партиянын финансылык ишмердүүлүгүнүн салык органдарына өз убагында маалымдаптуруу.

2. Эгер саясий партия жана анын мүчөлөрү беренедеги милдеттердиаткарбаса, 1 п. 2-беренеден башка, бул учурдагы мыйзамга 14-беренесине ылайык партиянын ишмердүүлүгүн токтотууга негиз болуп саналсын.

3. Эгерде саясий партия Жогорку Кеңештин шайлоосуна акыркы эки шайлоого катышпаган болсо, анда ал бул партия макамын жоготууга маанилү негиз болуп саналып, андан ары партиялык ишмердүүлүктү коомдук уюм катары гана алыпбарсын.

4. Саясий партиялар шайлоочулардын добушу 3 пайыздан жогору болсо, ал мамлекеттик субсидияга кезектеги парламенттик шайлоого чейин камсыз болушу керек, бул дүйнөлүк практика (ФРГ, Испанияж.б.).

**Диссертациялык иште камтылган негизги жоболор, автордун төмөнкү жарык көргөн басылмаларында чагылдырылган:**

1. Исраилова С.Ш. Влияние избирательной системы на партийную систему (к теории вопроса [Текст]/ С.Ш. Исраилова //Вестник института законодательства Республики Казахстан. – Астана, 2012. – №1(25)–С.43-45.

2. Исраилова С.Ш. Пропорциональная система выборов: опыт Казахстана [Текст] / С.Ш. Исраилова// Трибуна молодого ученого. Вестник КНУ им. Ж. Баласагына: Гуманитарные науки. – Специальный выпуск. – Бишкек. КНУ 24-25 мая 2012. –С.328-332.

3. Исраилова С.Ш. Основные этапы конституционной реформы в Кыргызской Республике [Текст]/С.Ш.Исраилова//Международнаянаучно-практическаяконференция «Конституция Кыргызской Республики: роль и значение в современном обществе и ее основныеценности.ВестникКНУим.Ж.Баласагына:Гуманитарныенауки.–Специальный выпуск. – Бишкек: КНУ. 2013. – С.107-111.

4. Исраилова С.Ш. Правовое регулирование деятельности политических партий в избирательном процессе Республики Казахстан [Текст]/ С.Ш. Исраилова// Вестник Кыргызско-Российскогославянскогоуниверситета.Бишкек.2013.–Том13№1.–С.24-27.

5. Исраилова С.Ш. Партийная система Казахстана на современном этапе [Текст] / С.Ш. Исраилова// Вестник Кыргызско-Российского славянского университета. –Бишкек. 2013. – Том13№5.–С.50-52.6.ИсраиловаС.Ш.Парламентскиевыборыиусилениеполитических партий Республики Казахстан [Текст]/ С.Ш. Исраилова// Вестник Кыргызско-Российского славянского университета. – Бишкек. 2016. – Том 16 №10. –С.88-91.

7. Исраилова С.Ш. Конституционные реформы в Республике Казахстан (1993–2011гг.) [Текст]/ С.Ш. Исраилова// Евразийский союз ученых (ЕСУ). – Москва. 2016. -№ 4 (25). – С.89-92.

8. ИсраиловаС.Ш.СтановлениеполитическихпартийКыргызскойРеспубликивконтексте электоральных процессов (1995–2010гг.) [Текст]/ С.Ш. Исраилова// Международный Научный Институт «Educatio». – Новосибирск. 2016. – № 2(20). – С.68- 73.

9. Исраилова С.Ш. Политические партии Кыргызской Республики (к вопросу типологии) [Текст]/ С.Ш. Исраилова// Электрон. журнал «Столица науки». -2019. – №6(11).

10. Исраилова С.Ш. Реформа избирательной системы в Кыргызстане [Текст]/ С.Ш. Исраилова // Вестник Кыргызско-Российского славянского университета. – Бишкек.2019. – Том 19 №7. – С.101-105.

**Мамлекет жана укук жөнүндө окуу тарыхы; мамлекеттин жана укуктун тарыхы жана теориясы – 12.00.01 адистиги боюнча юридикалык илиминин кандидатына изденүүчү Исраилова Саадат Шамильевнанын “Кыргыз Республикасынын жана Казакстан Республикасынын саясий партияларынын ишмердүүлүгүнүн теориялык аспектилери” темасындагы диссертациялык изилдөө ишинин таржымалы**

**Негизги сөздөр:** саясий партия, саясий тутум, коомдук уюмдар, шайлоо, шайлоо тутуму, мажоритардык шайлоо тутуму, пропорциялык шайлоо тутуму.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты:** саясий партиялардын институциялоосунун укуктук тенденциясы жана маселенин теориялык изилдениши, Кыргыз Республикасынын жана Казакстан Республикасынын саясий партияларынын ишмердүүлүгүнүн саясий-укуктук негизин анализдөө, эки мамлекеттеги саясий партиялардын укуктук макамындагы өзгөчөлүгүн жана жалпылуулугун аныктоо, саясий партиялардын саясий тутумундагы электоралдык процесстерге катышуу аркылуу алардын ролу жана орду.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси болуп:** саясий партиялардын ишмердүүлүгүн укуктук жөнгө салуудагы жана түзүүдөгү коомдук мамилелер жана электоралдык процесстерге катышуусу.

**Диссертациялык изилдөөнүн предмети болуп:** Казакстан Республикасынын жана КыргызРеспубликасынынсаясийпартиясынөнүктүрүүгөболгонмаанилүүсуроолор, эки мамлекеттин партиялык тутуму жана саясий партия түшүнүгүнүн теориялык жактаништелиши.

**Диссертациялык изилдөөнүн методологиясы:** атайын жана жалпы илимий ыкма, жалпы таанып билүү диалектикалык ыкма, салыштырмалуу-укуктук, системдүү түзүмдүү, формалдуу-юридикалык, логикалык, тарыхый методдордун анализи колдонулду.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы болуп:** Кыргыз Республикасынын жана Казакстан Республикасынын саясий партияларынын ишмердүүлүгүнүн саясий-укуктук аспекттерин жана теориялык комплекстүү изилдөө биринчи жолу эки мамлекеттеги юридикалык илиминде изилдөө.

**Диссертациялык иште материалдардын колдонуу деңгээли:** Кыргыз Республикасынын жана Казакстан Республикасынын саясий партиялардын жана саясий тутумдун реформалоо процесстеринин изилдөө ишинин жыйынтыгын колдонуп, андан ары өнүктүрүү. Изилдөө ишинин жыйынтыгы дагы укук жана мамлекет теориясында, конституциялык укукта, шайлоо укугу жана башка укук илиминде колдонсо болот.

**Колдонуу облусу:** укук жана мамлекет теориясы, мамлекет жана укук жөнүндө окуу тарыхы, конституциялык укук, шайлоо укугу, политология, салыштырмалуу укук таануу.

# РЕЗЮМЕ

**Диссертационного исследования Исраиловой Саадат Шамильевны на тему: «Теоретические аспекты деятельности политических партий в Республике Казахстан и Кыргызской Республике» на соискание ученой степени кандидата юридических наук по специальности 12.00.01 – теория и история права и государства; история учений о праве и государстве**

**Ключевые слова:** политическая партия, политическая система, общественные объединения, выборы, избирательная система, мажоритарная избирательная система, пропорциональная избирательная система.

**Цель диссертационного исследования состоит** в теоретической разработке проблем и тенденций правовой институционализации политических партий, анализа политико-правовых основ деятельности политических партий в Республике Казахстан и Кыргызской Республике, выявлении общего и особенного в правовом статусе политических партий двух государств, места и роли партий в политической системе и государстве через анализ их участия в электоральных процессах.

**Объектом диссертационного исследования** являются общественные отношения, складывающиеся при создании и правовом регулировании деятельности политических партий, их участия в электоральном процессе.

**Предметом диссертационного исследования** являются конкретные вопросы развития политических партий в Республике Казахстан и Кыргызской Республике, а также состояние теоретической разработанности понятия политической партии и партийной системы двух государств.

**Методологию диссертационного исследования** составляют общенаучный диалектический метод познания, общенаучные и специальные методы. Применялись исторический, сравнительно-правовой, системно-структурный, формально-юридический, логический и др. методы анализа изучения.

**Научная новизна диссертации** заключается в том, что в юридической науке двух государств впервые проведено комплексное исследование теоретических и правовых аспектов деятельности политических партий в Республике Казахстан и Кыргызской Республике.

**Степень использования материалов диссертационной работы**: научные результаты призваны способствовать дальнейшему совершенствованию процессов реформирования политической системы и политических партий в Республике Казахстан и Кыргызской Республике. Результаты теоретического исследования могут быть использованы в дельнейших исследованиях в рамках общей теории государства и права, конституционное право, избирательное право и других отраслях права.

**Область применения**: теория государство и право, история учений, конституционное право, избирательное право, сравнительное правоведение, политология.

**Summary**

**for the dissertation of Israilova Saadat Shamilevna on the topic: "Theoretical aspects of political parties in the Republic of Kazakhstan and the Kyrgyz Republic", presented for the degree of Doctor of Law by specialty 12.00.01 - theory and history of law and state; history of doctrines of law and state**

**Keywords:** political party, political system, public associations, elections, electoral system, majority electoral system, proportional electoral system.

**The object of the research:** social relations that develop during the creation and legal regulation of political parties, their participation in the electoral process.

**The subject of the research:** specific issues of development of political parties in the Republic of Kazakhstan and the Kyrgyz Republic, as well as the state of theoretical development of the concept of political party and party system of two countries.

**The aim of the research:** the theoretical development of the issues and trends of legal institutionalization of political parties analysis of political and legal frameworks of activities of political parties in the Republic of Kazakhstan and the Kyrgyz Republic, identifying differences and similarities in the legal status of political parties of two countries, the place and role of parties in political system and government, through the analysis of their participation in electoral processes.

**The methodology of the dissertation:** the general scientific dialectical method of cognition, general scientific and special methods. Historical, comparative legal, systemic structural, formal legal, logical and other methods of analysis of the study were used.

**The scientific novelty of the thesis:** for the first time in the legal science of two States was conducted a comprehensive study of theoretical and legal aspects of political parties' activities in the Republic of Kazakhstan and the Kyrgyz Republic.

**The degree of use of dissertation reasearch's materials:** the scientific results are intended to contribute to further political system's and political parties' improving process in the Republic of Kazakhstan and the Kyrgyz Republic.

**Scope:** the theory of state and law, history of law and state doctrines, constitutional law, electoral law, political science, comparative law.